Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын
2018-жылга карата

# ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ



Бишкек – 2019

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын

2018-жылга карата

# ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ

Бишкек – 2019

Ушул доклад 2019-жылдын 10-январында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ишинин жыйынтыктарын чыгаруу боюнча жылдык чогулушунда көрсөтүлгөн жана жактырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2018-жылга карата Жылдык доклады кыргыз жана орус тилдеринде басылып чыккан, ал эми электрондук версиясы www.constpalata.kg расмий сайтында жайгаштырылган.

Басылма «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү - 2-чи фаза» Программасынын колдоосу менен жарыяланды. Программа Европа Биримдиги тарабынан каржыланып, Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (Эл аралык Кызматташтык боюнча Германия Коому) тарабынан ишке ашырылууда.

Ушул жарыялоодо билдирилген ойлор милдеттүү түрдө Европа Биримдигинин, GIZ, алардын программаларынын/долбоорлорунун же өкмөттөрүнүн көз караштарын чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр кайсы бир өлкөнүн укуктук статусунун, аймагын же районун, же алардын чек араларын, кандайдыр бир ойду чагылдырууну түшүндүрбөйт.

# МАЗМУНУ

**Кириш сөз....................5**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын курамы ....................6**

**Конституциялык палатанын 2018-жылдын ичинде кабыл
алган чечимдеринин аткарылуусунун анализинин жыйынтыктары боюнча
конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө маалымат....................8**

- Конституциялык палатанын 2018-жылда кабыл алган чечимдеринин сереби....................9
- Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сереби ....................19
- Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруунун проблемалары ....................25

**Сот адилеттигин ишке ашыруу сапатын жогорулатууну камсыз кылуу....................28**

- кайрылуулардын статистикасы....................29
- кайрылуулардын мазмуну / кайрылууларды кароонун жыйынтыктары....................30
- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептери....................32

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын эл аралык конференциясы ....................35**

**Эл аралык кызматташтык....................39**

- Конституциялык палатанын конституциялык контролдоо органдарынын
эл аралык бирикмелеринин ишине катышуусу....................45

**Коомчулук менен байланыш ....................46**

- эссе республикалык конкурс
ачык эшиктер күнү ....................46
- конок лекциялары....................50
- «Moot court» - «Адилет-2018» II республикалык окуу соту ....................53
- Конституциялык палатанын конституционализм мектептери ....................55

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатанын ишинин ачыктыгы жана айкындуулугу ...57**

- жарчы ...57
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайты ...58
- Конституциянын үстөмдүгү жана анын түздөн-түз колдонулушу: Конституциянын укуктук корголушун камсыз кылуу маселелери» эл аралык конференциянын материалдары ...60
- Конституциялык палатанын Маалымат порталы ...61

**Конституциялык палатанын дараметин күчөтүү ...62**

- Конституциялык палатанын корреспонденциясы ...67

**1-Тиркеме ...68**

- Конституциялык палата 2018-жыл ичинде келип түшкөн кайрылуулар менен иштөөнүн абалы жөнүндө маалымат

**2-Тиркеме ...69**

- Конституциялык палата 2018-жыл ичинде келип түшкөн кайрылуулардын мазмуну (субъектилери, предмети, аймагы жана гендердик белгиси боюнча)

**3-Тиркеме ...71**

- 2018-жыл ичиндеги Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштарынын базасы

# КИРИШ СӨЗ

Конституция мамлекеттин негизги мыйзамы катары ар өлкөнүн турмушунда маанилүү орунду ээлейт. «Конституция», «конституционализм», «конституциялык контроль» деген феномендер ар кандай демократиялык жана укуктук мамлекеттин негизги белгилеринин катарына кирет.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн бардык мамлекеттеринде негизги мыйзамдын үстөмдүгүн жүзөгө ашырууда башкы ролдо конституциялык ченемдер болуп ал конституциянын юридикалык коргоо системасы деп аталган жана негизги мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууга багытталган бүтүндөй бир система иштейт. Өлкөнүн негизги мыйзамын юридикалык коргоонун башкы формасы катары конституциялык контролдоо институту милдеттүү бекемдөөчү өзөк болуп саналат, анткени конституциянын өзөгү болбосо, анда конституциянын юридикалык коргоо системасы да жок деп корутунду чыгарса болот.

Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу мамлекеттин орчундуу милдети. Мындай тыянак Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ жана  республиканын бүткүл аймагында түздөн-түз колдонулат деп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнөн келип чыгат. Бул конституциялык ченем укуктар жана эркиндиктер түздөн-түз иштейт, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин маанисин жана мазмунун аныктайт (16-берененин 1-бөлүгү) деген Конституциянын жоболору өз ара тыгыз байланышта турат, Конституциянын мазмунун ачат жана мамлекеттик бийлик органдарынын бүтүндөй тутумун калыптандыруунун негизинде жатат.

Мамлекет тарабынан Конституциянын жогорку юридикалык күчүн жана анын ченемдеринин түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу боюнча өзүнүн милдеттерин тиешелүү аткарылуусунун зарылдыгы конституциялык контролдоо институтунун пайда болушунун башкы өбөлгөсү болуп саналат. Ток этер жерин айтканда, бул жаңы кабыл алынган, колдонуудагы мыйзамдардын жана башка ченемдик-укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүүсү жагын текшерип туруу деген сөз. Маңызы боюнча бул Негизги мыйзамдын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун, мамлекеттик бийлик органдар ортосунда тең салмактуулукту сактоону, адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу болуп саналат.

Мамлекетибиздин Негизги мыйзамында, ар ким, эгер конституциялык мыйзам же башка ченемдик укуктук акт менен Конституцияда алардын таанылган укуктары жана эркиндиктери бузулуп жатат деп эсептешсе, анда алар анын конституциялык талашууга укуктуу деп белгиленген. Бул конституциялык орнотмо Конституцияда кепилденген укуктар менен эркиндиктердин мааниси менен мазмунун бурмаланышын болтурбоо максатында бардык ченемдик-укуктук базасынын конституциялуулугун камсыз болушунун орчундуу кепилдиги болуп саналат. Бул улуттук укук тутумунун тармактарынын жаңыртылышы Конституциянын негизги принциптери жана жоболоруна шайкеш келиши керек дегенди билдирет.

Анын менен бирге, Конституциянын үстөмдүгү ченемдик укуктук актылар иерархиясындагы анын орду менен гана эмес, коомдук мамилелердин бардык катышуучулары тарабынан коомдо жана мамлекеттин өзүндө да Конституциянын жоболорун урматтоого, таанууга жана сактоого ориентир алган конституциялык артыкчылыгы менен да мүнөздөлөт. Башка сөз менен айтканда, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, коомдук бирикмелердин жана башка адамдардын ишмердиги Конституциянын «тамгасы» менен «рухун» чагылдырган конституциялык принциптерге жана ченемдерге шайкеш келиши керек.

# КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН КУРАМЫ

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык Конституциялык палата он бир судьядан турат.

Азыркы учурда Конституциялык палатада 10 судья иштейт, 1 орун бош.

Конституцияга жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык 2016-жылдын июнь айында төрага, төраганын орун басары жана судья-катчы жаңыдан шайланышкан.

2019-жылдын июнь айында 3 жылдык шайлоо мөөнөтү бүтүп жаткандыгына байланыштуу төраганы, төраганын орун басарын жана судья-катчыны кайтадан шайлоо өтөт.

Учурдагы курам:

| | |
|---|---|
| Төрага | **Мамыров Эркинбек Тобокелович** |
| Төраганын орун басары | **Киргизбаев Куанбек Манаевич** |
| Судья-катчы | **Бобукеева Меергул Рыскулбековна** |
| Судьялар: | **Абдиев Курмантай** |
| | **Айдарбекова Чинара Аскарбековна** |
| | **Касымалиев Мукамбет Шадыканович** |
| | **Нарынбекова Айсалкын Омуралиевна** |
| | **Осконбаев Эмиль Жолдошевич** |
| | **Осмонова Чолпон Омоковна** |
| | **Саалаев Жедигер Ибраимович** |



Төрага
Мамыров
Эркинбек Тобокелович



Төраганын орун басары
Киргизбаев
Куанбек Манаевич



Судья-катчы
Бобукеева
Меергул Рыскулбековна



Курмантай
Абдиев



Айдарбекова
Чинара Аскрабековна



Касымалиев
Мукамбет Шадыканович



Нарынбекова
Айсалкын Омуралиевна



Осконбаев
Эмиль Жолдошевич



Осмонова
Чолпон Омоковна



Саалаев
Жедигер Ибраимович




# КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТА ТАРАБЫНАН 2018-ЖЫЛЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕРДИН АТКАРЫЛУУСУНУН АНАЛИЗИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын Конституциясы мамлекеттин Баш мыйзамын укуктук коргоо маселесин конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык контролдону жүзөгө ашырган жогорку сот органы болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатысына (мындан ары – Конституциялык палата) жүктөгөн.

Конституциялык палата өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда өз алдынчалуу жана башка мамлекеттик органдардан көз карандысыз, Кыргыз Республикасынын Конституциясына гана баш ийет жана укук маселелерин гана чечет.

Өз кезегинде, Конституциялык палата өлкөдөгү конституциялык түзүлүштүн стабилдүүлүгүн камсыз кылуу жана адамдын, жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча максаттуу иш жүргүзөт. Мыйзамдардын жана башка ченемдик-укуктук актылардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүү маселелерин кароодо, Конституциялык палата аларды конституциялуу эмес деп таануу жана алардын ичинен Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген ченемдерди жокко чыгаруу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тийиштүү беренесинин маанисине жана мазмунуна ылайык келтирүүнү талап кылып, өзүнүн чечимдери менен өлкөнүн укуктук тутумуна жана ченем жаратуучу органдардын мыйзам чыгаруучу ишмердигине мерчемдүү таасирин тийгизүүдө. Ушинтип, Конституциялык палата Баш мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылуу, конституциялык жоболорду так жана бирдиктүү түшүнүү максатын көздөйт. Мында, Конституциялык палата, Конституциянын талаптары бардыгы үчүн милдеттүү жана Конституция максатка ылай-

ыктуулук жөнүндө кандайдыр бир өзгөчөлүктөрсүз, анын баардыгы тарабынан кыйшаюсуз аткарылуу шарттарында укуктук мамлекеттин демократиялык принциптери тууrasында жар салып жатып, өзүнөн өзү анын ийгиликтүү курулушунун башкы каражаты болуп саналат дегенден келип чыгат.

Конституциялык палата конституциялык контролдоону жүзөгө ашырууда мыйзам чыгаруучулук (ченем жаратуучулук) ишмерликте Баш мыйзамда орнотулган идеялар менен принциптердин сакталуусуна көз салат. Конституциялуу эмес ченемдик укуктук актылардын юридикалык күчүнүн жоготулушуна алып келген Конституциялык палатанын чечимдери ченем жаратуучу органдын актылары сыяктуу эле мезгилде, мейкиндикте жана адамдар чөлкөмүндө бирдей колдонулуш чөйрөсүнө ээ. Бул Конституциялык палатаны өзгөчө институтка айлантууда, анын чечимдеринин маанилүүгү жыйынтыктоочу актылары мамлекеттик бийликтин бир да органы тарабынан кайра каралышы мүмкүн эместиги жана Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында аткарылууга милдеттүүлүгү аркылуу жогорку деңгээлде.

Ушинтип, Конституциялык палатанын кабыл алган ар бир чечими – бул конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөөдө, Конституциянын пайдубал принциптерине, конституциялык түзүлүштүн негиздерине ылайык мыйзам чыгаруучулук процессти өнүктүрүүдө жана өркүндөтүүдө маанилүү кадам болуп саналат.

Конституциялык палата мындай чечимдерди чыгарып жатып, адам менен жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө конституциялык жоболордон жана конституциялык-укуктук жөнгө салуунун толуктугун жана кош маанилүү эместигин камсыз кылган мыйзам чыгаруу механизмин иштеп чыгуу зарылдыгынан келип чыгат, жана укуктук кенемтелер, укуктук күмөндүүлүк жана коллизияларды аныктаган учурда ченем жаратуучу органдар тарабынан аларды жокко чыгаруу зарылдыгы жөнүндө белгилеп келет.

Ошентип, Конституциялык палатанын ишмердиги Конституциянын үстөмдүгүнүн негизинде мыйзамдардын кемчиликтерин четтетүүгө жана өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуу менен Кыргызстандын укуктук тутумун өркүндөтүүгө жол берет.

## Конституциялык палата тарабынан 2018-жылы кабыл алынган чечимдердин сереби

2018-жылы Конституциялык палатага 73 кайрылуу келип түшкөн. Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар жана даттануулар боюнча 8 токтом жана 8 чечим кабыл алынган, алардын ичинен:

- ченемдик-укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө 2 чечим;
- талашылып жаткан ченемдик-укуктук актыларды Конституцияга толугу менен же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 6 чечим, анын ичинен 4 чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тапшырмаларды камтыйт.

1. Конституциялык палата 2018-жылдын 24-январындагы чечиминде арыздарды, апелляциялык жана кассациялык даттанууларды берүүдө мамлекеттик алымды төлөөнүн милдеттүүлүгү, ошондой эле берилген арыздарды, апелляциялык жана

кассациялык даттануулларды мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгүнүн далили болбогон учурда кайтарып берүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 102-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 135-беренесинин 2-пунктунун, 138-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун, 249-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи жана жетинчи абзацтарынын, 325-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 329-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун, 354-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 357-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдердин конституциялуулугун негиздеп, эгерде сот адилеттиги бекер жүзөгө ашырылат деп мыйзамда белгиленбесе, тараптар кандай гана учур болбосун ишти сотто кароого байланыштуу чыгымдарды төлөйт деп белгилеген. Бул мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүгө катышкан жактар аны жүргүзүү үчүн жетиштүү каражатынын жок экендигин далилдеген ар кандай гана учурда сот адилеттиги акысыз жүргүзүлөт деп аныктаган конституциялык ченемден келип чыгат (103-берене). Көрсөтүлгөн конституциялык орнотмодон сот адилеттигин жүзөгө ашыруу бардык эле учурларда бекер жүзөгө ашырылбайт деген келип чыгат.

Мамлекеттик алымды өндүрүп алуу компенсациялык жана алдын алуучулук максаттарды көздөйт. Эгер компенсациялык максат соттун тиричилигине бөлүнгөн каражаттардын ордун тургузуусун камсыздаса, алдын алуучулук болсо, өз кезегинде сотко негизгисиз кайрылуулардын алдын алат жана адамдарды ыйгарым укуктуу жактардын алдында өзүнүн милдеттенмелерин ыктыярдуу аткарууга үндөйт.

Ошону менен бирге, кызыкдар адамдын, анын мүлктүк абалына байланыштуу мындай милдеттенмени аткаруу мүмкүндүгүнүн жоктугу анын соттук коргонуу укугун жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук болбош керек, анткени ушул жагдай эске алынбаганда, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоону кепилдеген Конституциянын жоболоруна карама-каршы келмек.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси (105-берене) мамлекеттик алым жөнүндө мыйзамдар менен тике байланышта болуп, мамлекеттик алымды төлөөдөн толугу менен же жарымжартылай бошотуу, ошондой эле жылдыруу жана созуу боюнча мүмкүндүк жарандык процесстик укуктук мамилелердин айрым субъектилерине берилген учурларды белгилейт.

Демек, мамлекеттик алымды төлөөдөн толугу менен же жарым-жартылай бошотууну, аны жылдырууну жана созууну, ошондой эле аны кайтарып берүүнү караган процесстик ченемдердин болушу сотко реалдуу жетишүүнү камсыздоо үчүн анын тийиштүү укуктук камсыздоону болжойт.

Ошону менен бирге, адамдын мамлекеттик алымды төлөө жөндөмдүүлүгүнүн маанилүү фактору болуп анын өлчөмү эсептелет. Мамлекеттик алым жөнүндө мыйзамдарга ылайык мамлекеттик алымдын ставкалары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет («Мамлекеттик алым жөнүндө» Мыйзамдын 4-беренеси). Мында мамлекеттик алымдын ставкалары орундуу болушу керек жана аларды төлөө сот адилеттигине жетишүү үчүн реалдуу тоскоолдук болуп, адамга түйшүк болбошу керек.

Демек, өзүнүн бузулган укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылган адамдын кызыкчылыктары менен сот адилеттүүлүгүнүн кызыкчылыктарынын ортосунда тиешелүү балансты аныктоо мыйзам чыгаруучу үчүн мамлекеттик алымдын ставкаларынын орундуу ченемин жана аны төлөө боюнча жеңилдиктерди берүүнүн так тартибин аныктоодо зарыл шарт болуп саналат.

Баяндалаганды эске алсак, жарандык иштер боюнча сотко кайрылууда мамлекеттик алымды төлөө боюнча талаптарды белгилөө маселеси мыйзам чыгаруучунун дискрециясы болуп саналат, ал жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык ченемдерден келип чыгат жана сот адилеттүүлүгүнө жетишүү укугун бузуу болуп саналбайт, натыйжада, адамдын соттук коргонуу укугун жана ишти жогору турган сотто кайра каратуу укугун чектебейт.

2. Конституциялык палата 2018-жылдын 14-февралындагы чечиминде укук коргоо органдарынын тергөө бөлүмдөрүндө, судья катары, Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн Аппараттарынын бөлүмдөрүндө жогорку юридикалык билимдин болушун талап кылган кызмат орундарында, Жогорку Кеңештин жогорку юридикалык билими бар депутаты катары беш жылдык иш стажысы бар адамдарды адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алуу үчүн зарыл болгон квалификациялык сынактан өтүүдөн бошотууну караштырган «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1, 2, 3, 4-пункттарын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тааныган.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде, мамлекет сот адилеттигинин натыйжалуу тутумун куруу жана квалификациялуу юридикалык жардам каражаттарынын жалпыга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча конституциялык маанилүү милдеттерин аткарууда юридикалык жардам көрсөтүү милдети жүктөлө турган адамдарды тандоонун атайын тутумусуз тура албайт деп белгилеген.

Мамлекет квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн коомдук маанилүүлүгүн эсепке алып, адвокаттарга белгилүү бир кесиптик жана башка талаптарды белгилөөгө, ошондой эле кайсы бир адамдардын профессионалдык адвокаттык ишке киришүүсүнүн зарыл шарттарын аныктоого милдеттүү, анткени алардын көрсөткөн юридикалык жардамынын сапатынан адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун натыйжалуулугу көз каранды болот.

Ушуга байланыштуу, адвокаттык иштин лицензиялануга тийиш болгон иштин түрлөрүнө, ал эми мыйзамдарда теңдик конституциялык принцибинин логикалык уландысы катары лицензия берүүнүн бирдей негиздери жана шарттары принцибин лицензиялоонун негизги прициптерине таандыгы акталат («Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Мыйзамдын 5-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту, 15-беренесинин 37-пункту).

Мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине жана рухуна ылайык өзүнүн ченем жаратуучу ишинде социалдык адилеттүүлүк идеясын билдирүү жана аны коомдун турмушуна киргизүү катары тең укуктуулук жана кодулабоо принциптерин так кармануга тийиш. Бул анык зарыл болгон учурлардан тышкары, бардык адамдар бирдей укуктук статуска ээ болушу керек, башкача айтканда бирдей көлөмдөгү жана мазмундагы укуктарга, эркиндиктерге жана милдеттерге, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруу жана коргоо боюнча бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек дегенди билдирет.

Укуктук ченемдерде ар кандай категориядагы адамдардын юридикалык статусунда өлчөмдөш айырмачылыктарды орнотууга жол берүүчүлүк жана максатка ылайыктуулугу, жекече, алардын айрымдары үчүн жеңилидиктерди жана артыкчылыктарды бекитүү «позитивдүү кодулоо» максатында гана, формалдуу тең укуктуулук принцибин колдонуу аркылуу коомдук турмуштун кайсы бир чөйрөсүндө же адамдардын кандай-

дыр бир категориясына карата түзүлгөн кырдаалдын адилеттүүлүгүнө жетишүү мүмкүн болбой калган учурда мүмкүн.

Башкача айтканда, «позитивдүү кодулоо» мамлекет тарабынан кандайдыр бир белгилер боюнча адамдардын алсыз категориясына жогорулатылган кепилдиктерди берүү аркылуу коомдо чыныгы тең укуктуулукту орнотууга багытталган позитивдүү аракеттерди жасоону билдирет. Бул акыркыларга адамдын экономикалык, социалдык, рухий жана башка муктаждыктарын канааттандырууда аларга коомдогу башка социалдык топтор менен тең мүмкүнчүлүктөрдү түзө турган кээ бир артыкчылыктарды берүү боюнча чаралар. Тең укуктуулук жана кодулабоо принциптерин бузуу болуп мыйзамда андан чегинүүнүн фактысынын өзү эмес, жарандардын өзүнчө категориясы үчүн негизсиз артыкчылыктарды бекитүү эсептелет.

Ошентип, мыйзам чыгаруучу тарабынан бекитилген жалпы эрежеден чегинүүлөр «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1, 2, 3, 4-бөлүктөрүндө аталган адамдар үчүн өзгөчө мүмкүндүктөрдү түзүү менен объективдүү жана орундуу негизи жок жана конституциялык маанилүү максаттарга шайкеш келбейт, башка субъекттерге карата аларды тең эмес абалга коюуда жана теңсиздик үчүн укуктук негизди түзүүдө (чечим аткарыла элек).

3. Конституциялык палата 2018-жылдын 4-апрелиндеги чечиминде Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 206-беренесинин 2-бөлүгүнүн «сот өзүнүн демилгеси боюнча же ишке катышуучу жактардын арызы боюнча, чечимде кетирилген туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдой алат» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугун негиздеп, соттор тарабынан кетирилген жана иштин жыйынтыгына таасирин тийгизген, жана аларды жойбостон бузулган укуктарды, эркиндиктерди жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды, ошондой эле мыйзам тарабынан корголуучу коомдук кызыкчылыктарды калыбына келтирүүгө же коргоого мүмкүн болбогон материалдык укуктун же процесстик укуктун ченемдерин мерчемдүү бузууларын оңдоо үчүн арналганын белгилеген. Соттук ката көбүнесе соттун иш жыйынтыгынын процесстик укуктун ченемдеринде бекитилген сот өндүрүшүнүн максаттуу орнотмолору менен дал келишпестигине алып келет.

Анан дагы, жогорку турган сот соттук каталардын оңдолушун камсыздоого милдеттүү, каталар табылган учурда төмөн турган соттордун даттанылып жаткан актысын жокко чыгарат же маңызын өзгөртөт. Ал эми сот катасынын табиятын жана мазмунун эске алганда сот өндүрүшүнүн процессинде кетирилген туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар сот каталарына кирбейт, себеби чечимдин маңызын (мазмунун) өзгөртүлүүсүнө алып келбейт.

Соттор тарабынан кетирилген туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар түрүндөгү техникалык мүнөздөгү каталарды классификациялап жана укуктун ченемдерин туура эмес колдонуу менен бир катар коюу болбойт. Бирок туура эмес жазуулар сөздөрдүн, кээ бир учурларда чечимдин айрым бөлүктөрүнүн маанисинин да бурмаланышына алып келет, ишке катышуучу адамдардын укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууну татаалдаштырат. Арифметикалык айкын каталар туура эмес арифметикалык аракеттердин натыйжасы болуп саналат жана алынууга тийиш болгон сумманы аныктоодо катачылыктарга алып келет. Ошон үчүн сот чечимдин маңызын өзгөртпөстөн аныктама чыгаруу жолу менен чечимде кетирилген туура эмес жазууларды

жана арифметикалык айкын каталарды оңдоо жөнүндө маселени кароого укуктуу. Соттук катаны туура эмес жазуу жана арифметикалык айкын ката деп аныкталуучу техникалык мүнөздөгү катадан айырмалоодо дал ушул шарт өзөктүү болуп саналат.

Көрсөтүлгөн маселени ушинтип чечүү сот актысынын кыйшаюусуз аткарылышын болжогон милдеттүүлүк касиетине толугу менен таандык.

4. Конституциялык палата 2018-жылдын 30-майындагы чечиминде «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинин биринчи бөлүгүнүн 8-пунктун Конституцияга карама-каршы келет деп тааныган.

Талашылып жаткан ченем арыз ээсине карата сотко жарандык доомат коюлса - иш боюнча териштирүү аяктамайынча жаран Кыргыз Республикасынан чыгууга убактылуу баш тартылуу караштырылган деп белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ар бир адам Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгууга укуктуу.

Өлкөнүн чегинен тышкары эркин чыгуу укугу адамдын жеке эркиндигинин мерчемдүү көрүнүштөрүнүн бири болот жана башка укуктар менен эркиндиктердин, анын ичинде эмгекке болгон укуктун, экономикалык эркиндикке, өзүнүн жөндөмдөрүн жана мүлкүн ишкерчилик жана мыйзамда тыюу салынбаган экономикалык ишмерлик үчүн эркин пайдаланууга, рухий жана башка муктаждыктарын канааттандырууга болгон укуктун толук кандуу жүзөгө ашырылуусуна өбөлгө болуп кызмат кылат. Башкача айтканда, өлкөдөн эркин чыгуу укугу адамдын толук кандуу жашоосунун негизинде жана мамлекет тарабынан инсандын ар намысын таанууда жатат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктеринин көтөрүңкү деңгээлин караштырып, бирок анын аныкталган максаттарында зарыл болгон өзгөчө ченемде гана жана мыйзамда белгиленген тартипте гана аларды чектөө мүмкүндүгүнө да жол берет.

Жогоруда аталган негиздөөчү орнотмолордун маңызы адамдын укуктары менен эркиндиктерине өз билемдик менен таасир этүүгө жол бербөө жана мүмкүн болуучу чектөөлөрдүн өзгөчөлүгүндө турат. Башкача айтканда, биринчиден, чектөөлөр негиздерди жана колдонуу тартибин мыйзам менен бекитүү жолу аркылуу орнотулушу керек, экинчиден, конституциялык маанилүү максаттарга өлчөмдөш болушу керек, үчүнчүдөн, укуктук жөнгө салуунун айрым маселелерин башка укуктук каражаттар менен чечүү мүмкүн болбой калган шарттарда кабыл алынышы керек.

Демек, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгуу укугун чектөө укуктук режими мамлекеттик жана коомдук турмуштун тийиштүү чөйрөлөрүндөгү инсандын жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугуна жетүү зарылдыгын эске алуу менен киргизилиши мүмкүн.

Талашылып жаткан ченемдин көздөгөн максаты жарандык иштердин туура жана өз убагында каралуусун жана чечилишин, сот процессинин катышуучуларынын тең укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылууда турат. Бул максаттарга жетишүү үчүн жарандык процесстик мыйзамдарда доону камсыз кылууга багытталган дагы башка укуктук механизмдер каралган. Асыресе, мыйзам чыгаруучу өкүлчүлүк институтун; жоопкерге таандык болгон мүлккө, акча каражаттарына доо суммасынын жана соттук чыгымдардын чектеринде камакка алуу мүмкүнчүлүгүн; талаптагыдай кабардар кылынган жактардын бирөөсүнүн катышуусуз иштерди кароону; сырттан жүргүзүлгөн сот өндүрүшүнө жол берүүнү караштырган (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 57, 144, 169, 234-беренелери). Демек, жарандык процесстик мыйзамдар сот

адилеттигинин максаттарына жетишүү жана ар кимдин соттук коргонууга болгон укугун камсыздоо үчүн зарыл болгон укуктук механизмдери камтыйт.

Мындай шарттарда бул чектөөнү киргизүү негиздүү жана зарыл болуп эсептелбейт жана адам менен жарандын субъективдүү укуктарын чектөөнүн себеби боло албайт (чечим аткарыла элек).

5. Конституциялык палата 2018-жылдын 19-сентябрындагы чечиминде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 20-июнундагы № 360 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө жобонун 106-пунктунун «ч» пунктчасын Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тааныган.

Талашылып жаткан ченем ички иштер органдарынын кызматкеринин жакын туугандары оор жана өзгөчө оор кылмыш үчүн соттолгондо, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте уюшкан кылмыштуу топтун мүчөсү деп табылса, ал кызматтан запаска (аскердик эсепке коюу менен) бошотулушу мүмкүн деп белгилейт.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде адам укуктарын кыйшаюусуз сактоонун пайдубал негиздеринин бири болуп укуктук мамлекеттеги адам ишмердигинин бардык чөйрөлөрү негиздене турган кодулабоо менен мыйзам жана сот алдында баары бирдей деген принцип Конституция менен кепилденген (16-берененин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы).

Ошону менен бирге, Конституция бүтүндөй коомдун коопсуздугу жана анын тиричилик шарттарынын жагымдуулугу көз каранды болгон конституциялык маанилүү максаттарда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөө мүмкүндүгүнө жол берет.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкеринин жакын туугандары оор жана өзгөчө оор кылмыш үчүн соттолгондо, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте уюшкан кылмыштуу топтун мүчөсү деп табылса, кызматкер кызматтан запаска (аскердик эсепке коюу менен) бошотулушу ички иштер органдарында кызмат өтөө укугун чектөө болуп саналат.

Мындай чектөөлөр Конституцияга ылайык мыйзам аркылуу коюлушу мүмкүн. Бирок, талашылып жаткан ченем мыйзам алдындагы акт менен киргизилген, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацынын талаптарына ылайык мүмкүн эмес.

Конституциялык палата талашылып жаткан ченем жалпылаштырган мүнөзгө ээ болуп, анын жөнгө салуу таасири багытталган укуктук мамилелердин бардык аспектилерин эске албайт, бул укуктун формалдуу аткарылуусуна жана анын көздөгөн максаттарга өлчөмдөш эмес болушуна алып келүүдө деп белгилеген.

Укук коргоо органдарында кызмат өтөөнүн өзгөчөлүктөрү менен шартталган ушундай чектөөлөр дифференциацияланган жана деталдаштырылган болушу керек, конституциялык принциптерди бузуу жана жаңы адилетсиздикти жаратуунун бардык мүмкүн боло турган тобокелдиктерин эске алышы керек.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата талашылып жаткан ченемди конституциялуу эмес деп таанып, Өкмөткө ички иштер органдарынын кызматкерлерин бошотуу тартибинин колдонуудагы укуктук жөнгө салынышына ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү

бөлүгүндө чагылдырылган укуктук көз караштан улам өзгөртүүнү демилге кылсын деп тапшырма берген.

6. Конституциялык палата 2018-жылдын 3-октябрындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын аткарган мезгилинде жасаган жосундары үчүн экс-президентти жоопкерчиликке тартуу процедурасын карабаган бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тааныган.

Талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын экс-Президентинин статусуна ээ болгон адамдарга кол тийгистикти кепилдейт.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде укуктук мамлекеттин ажырагыс принциптеринин бири болуп мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген принципти белгилеген (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгү). Ошол эле мезгилде Кыргыз Республикасынын Конституциясы мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктарды камсыздоо максатында теңдик принцибинен кайсы бир деңгээлде чегинүүгө жол берет. Конституциялык-укуктук статуска ээ жана мамлекеттик-маанилүү функцияларды аткарган айрым кызмат адамдарына укуктук иммунитетти берүү зарылдыгына байланыштуу бирдейлик принцибинен чегинүү мүмкүн.

Мамлекет башчысы анын конституциялык-укуктук статусуна ылайык мамлекеттик бийлик тутумунун бирдиктүүлүгүн жана туруктуулугун, бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине бөлүштүрүлүү шартында натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылуу боюнча ыйгарым укуктар көлөмүнө ээгедер. Ушуга байланыштуу, мамлекет башчысына жүктөлгөн милдеттердин мазмуну менен мүнөзүнө жараша аларды толук кандуу жана натыйжалуу аткаруу ага Конституцияда көз карандысыздыктын өлчөмдөш кепилдиктери менен укуктук коргоо каражаттары берилген.

Шайлоо аркылуу бийликтин легитимдүү алмашуу касиетине ээ болгон демократиялык мамлекеттин шартында, ошондой эле бир эле адамды Президент кылып эки жолу шайлоого тыюу салуу түрүндөгү чектөөнү эске алуу менен экс-президенттин укуктук иммунитети Президенттин милдетин аткаруу мезгилде ага жүктөлгөн функцияларды натыйжалуу жана тышкы факторлордон көз карандысыз аткарууну камсыз кыла алган тийиштүү жүрүм-турумга оң мотивациялоого түрткү берүүчү өтө маанилүү укуктук өбөлгөлөөчү каражат болуп саналат.

Ошентип, экс-президенттин кол-тийгистиги иштеп жаткан мамлекет башчысына укуктук кепилдиктерди берүү боюнча конституциялык жоболордун логикалык уландысы жана ажырагыс элементи болуп саналат. Ошондуктан, Президенттин ыйгарым укуктарын токтоткон адамга «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренеси менен бекитилген укуктук иммунитетти берүү президент институтунун натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылууда укуктук инструмент катары иштейт. Ошол эле мезгилде, экс-президенттин укуктук иммунитети так укуктук чектерге ээ болуусу керек, ал эми иммунитеттен өтүү жөнүндө жыйынтыктоочу чечим алдын ала жол-жоболордон көз карандысыз жана иштеп жаткан Президентти кызматынан четтетүү жөнүндө чечимди кабыл алуудан оор болбошу керек, антпесе каралып жаткан укуктук механизм Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигин камсыз кылуу боюнча коомдук, конституциялык маанилүү милдетин аткарууда туюнтулган өзүнүн баштапкы багытын жоготот (чечим аткарыла элек).

7. Конституциялык палата 2018-жылдын 17-октябрындагы чечими менен «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин конституциялуулугуна баа берген.

Талашылып жаткан ченем Башкы прокурор тарабынан Президенттин ар-намысы жана аброюн коргоо маселелерин регламенттейт.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде Кыргыз Республикасынын Президенти саясий жактан легитимдүү болуп, эл тарабынан шайланып, коомдук бийликтин толук кандуу иштөөсүн камсыз кылуу максатында бүтүндөй элдин кызыкчылыктарынын жүзөгө ашырылуусун көздөйт жана камсыз кылат деп белгилеген. Бул сапатта бийликтин бардык бутактарын координациялоо жана бириктирүү функциялдарын аткарып жатып, өлкөнүн Президенти мамлекеттик бийликти эл менен бириктирүү функциясын камсыз кылат. Бул мамлекет башчысы мамлекеттик башкаруу тутумунда өзгөчө орунга жана ролго ээ дегенди билдирет.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык-укуктук статусун эске алганда, мамлекет башчысынын арнамысын жана аброюн коргоонун өзгөчө процесстик тартиби мыйзамдар тарабынан караштырылышы мүмкүн. Мындай тартип мыйзам тарабынан камсыз кылынган, коомдук-укуктук мүнөзгө ээ болгон жана Президент тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан мамлекеттик функциялар менен анын Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген статусуна жараша Президенттин ар-намысын жана аброюн коргоо Башкы прокурорго жүктөлөт жана ал жогорулатылган коргоону камсыз кылууга багытталган укуктук кол тийгистиктин элементтеринин бири катары колдонулат.

Президенттин ар-намысы менен аброюн коргоо Президенттин өзүнүн инсандыгына кол салуудан гана эмес, мамлекеттик бийликтин маанилүү институттарынын бирин коргоону болжойт жана мамлекеттин өнүгүүсү үчүн зарыл болгон пайдубал түзүүчү катары мамлекеттүүлүктү бекемдөө максатын көздөйт.

Мында, Башкы прокурор жарандык процессте өлкө Президентинин соттогу өкүлү катары ошол эле процесстик укуктарга ээ болот, жана башка жарандар сыяктуу эле, кайсы бир алып салууларсыз же артыкчылыктарсыз доогердин бардык милдеттерин көтөрөт. Анын менен бирге, талашылып жаткан ченем, Башкы прокурорго Президентке маалым кылбастан жана анын макулдугусуз ар-намысын жана аброюн коргоо укугун берген талашылып жаткан ченем, ага доочунун же болбосо жоопкердин процесстик укук жана милдеттерин жүзөгө ашыруу боюнча кенен дискрециялык ыйгарым укуктарын берет, өз кезегинде бузулган укукту калыбына келтирүүнүн диспозитивдүүлүгүн эске алганда Башкы прокурор тарабынан бул укукту ишке ашыруу мамлекет башчысынын макулдугун талап кылат.

Ушуга байланыштуу, Башкы прокурор талашылып жаткан ченем менен ага берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун алкагында жарандык-укуктук тартипте, Кыргыз Республикасынын Президентинин атынан анын ар-намысын жана аброюн коргоо үчүн Президенттин макулдугу менен гана сотко кайрыла алат. Ар-намысты жана абройду коргоо жөнүндө доодо моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө маселе да коюлушу мүмкүн экенин эске алганда, анын өлчөмүн түздөн-түз өлкө башчысы аныкташы керек.

Болбосо, Конституция менен кепилденген укуктар жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарды сотто коргоону өз ыктыяры менен чечүү укугу бузулат, анткени Башкы прокурор ал адамдын ыктыярына каршы анын ар-намысын жана аброюн коргоо үчүн, моралдык зыяндын суммасын өз алдынча аныктап, сотко кайрылат, жыйынтыгын-

да бул мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген конституциялык принципке айкалышпай калууда.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата талашылып жаткан ченемди Башкы прокурор тарабынан Президенттин макулдугусуз анын ар-намысы менен аброюн коргоо тартиби болбогон бөлүгүндө гана конституциялуу эмес деп тааныган жана Өкмөткө «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына Кыргыз Республикасынын Президентинин арнамысын жана аброюн соттук тартипте мүмкүн болуучу моралдык зыяндын суммасын аныктоо менен коргоого Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан анын макулдугун алууну жана талашылып жаткан ченемди калган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 33 жана 104-беренелерине ылайык келтирүүнү караштырган өзгөртүүнү демилге кылуу тапшырмасын берген (чечим аткарыла элек).

**8.** Конституциялык палата 2018-жылдын 1-ноябрындагы чечиминде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин, 17-беренесинин 4-пунктунун конституциялуулугуна баа берген.

Талашылып жаткан ченемдер кызмат адамдарына, Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларына уруксат берүүнүн тартибин регламенттейт.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимдин соттук коргоого болгон укугун бекитүү менен бирге ар кимге квалификациялуу юридикалык жардам алууга кепилдик да берет деп белгилеген (40-berenenin 1 жана 3-бөлүктөрү).

Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу, адам кайсыл процесстик статуста сот өндүрүшүндө катышууга тартылганына карабастан, анын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо же калыбына келтирүү үчүн сот процессинин алкагында квалификациялуу юридикалык жардам ала турган шарттарды түзүүнү болжойт.

Мыйзам чыгаруучу бул конституциялык укуктун жүзөгө ашырылуусу катары шектүүнүн, айыпталуучунун, соттолуучунун коргоого болгон укугун жазык-процесстик мыйзамдарда бекиткен. Көрсөтүлгөн Кодекске ылайык жазык процессте жактоочу катары адвокат гана чыга алат. Адвокат өзүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн өзгөчөлүгүнөн улам мыйзам менен ага конституциялык маанилүү функциясы жүктөлгөн өзгөчө субъект болуп саналат.

Мында, квалификациялуу юридикалык жардам берүү мындай жардамга муктаж болгон адамда адвокатты тандоо эркиндиги болгон шарттарда гана толук кандуу болушу мүмкүн, анткени алардын ортосунда ишенимдүү мамилелердин болуусу укуктук коргоонун натыйжалуулугунда чечүүчү болуп эсептелет. Адвокатты өз каалоосу менен тандоо укугу адилеттүү сот процессинин пайдубал негиздеринин бири болуп саналат, анткени толук кандуу коргоонун негизги шарты болгон - адвокат менен корголуучунун ортосундагы ишенимди камсыз кылат. Бул жазык-процесстик мыйзамдар менен Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын жоболорунан келип чыгат (14-берене).

Бирок, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин мааниси менен мазмунуна карасак, кызмат адамдарына жана жарандарга мамлекеттик сырларга карата уруксат берүү

жөнүндө жоболор эмгек мамилелеринде турган адамдарга гана таандык болууда, ал эми адвокаттар тарабынан юридикалык жардам көрсөтүү жеке-укуктук мамилелер жаатында турат. Бул ченемди аналогия боюнча адвокаттарга мамлекеттик сырларга карата уруксат берүү үчүн алардын жумушунун жана жазык-процесстик мыйзамдарынын жоболорунун өзгөчөлүктөрүн эсепке албастан колдонуу орунсуз болуп эсептелет. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу өзүнүн конституциялык мазмуну боюнча абсолюттук болуп эсептелген соттук коргоого болгон укуктан түздөн-түз келип чыгат жана чектелиши мүмкүн эмес, бул жазык процесстин бардык стадияларында жактоочунун тоскоолдуксуз катышуу мүмкүнчүлүгүн болжойт.

Талашылып жаткан ченемдердин колдонулушунун сот адилеттигинин максаттарына жетүү үчүн түздөн-түз катышкан субъекттер катары адвокаттарга жайылтылышы жана аларда мамлекеттик сырларга жетүүгө уруксаттын жоктугуна байланыштуу юридикалык жардам көрсөтүүгө тыюу салуу адамдардын квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укугунун өлчөмсүз чектелишине жана акыр аягы алардын эч кандай чектелүүгө жатпаган соттук коргоого болгон конституциялык укугунун бузулушуна алып келет.

Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренеси жазык сот өндүрүшүндө жактоочу катары катышкан адвокаттарга аналогия боюнча жайылтылууда Конституцияга карама-каршы келет деп таанып, Өкмөткө көрсөтүлгөн Мыйзамга адвокаттардын мамлекеттик сырларга уруксат алуунун өзгөчө тартибин караштырган өзгөртүүлөрдү демилгелесин деп тапшырма берген (чечим аткарыла элек).

## Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сереби

Жалпысынан, Конституциялык палата түзүлгөн учурдан тартып (2013-ж.) жана 2018-жылдын 31-декабрындагы абалга карата бардыгы болуп 83 чечим жана 1 корутунду кабыл алынган, анын ичинен:

- ✓ ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келбейт деп тануу жөнүндө – 60 чечим, анын ичинен 17 чечимде талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча тапшырмалар камтылган;
- ✓ ченемдик укуктук актыларды толугу менен же жарым-жартылай Конституцияга карама-каршы келет деп таануу жөнүндө – 23 чечим, анын ичинен 18 чечимде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча тапшырмалар камтылган.

Конституциялык палата жыл сайын өзүнүн ишмердигинин жыйынтыктарын чыгарып жатып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун жетекчиликке алып, өзү кабыл алган актылардын аткарылуусун анализ кылат. Актылары Конституциялык палатанын кароо предмети болгон ченем жаратуучу органдар берген маалыматтын анализи боюнча Конституциялык палатанын чечимдеринен келип чыккан 35 тапшырмадан Конституциялык палатанын 25 чечими аткарылган жана 1 чечим Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилгенине байланыштуу контролдон алынган, Конституциялык палатанын 9 чечими аткарылбай турат.

Ошондой эле Конституциялык палатанын 2 чечими контролдо турат, алар менен ченемдик укуктук актылар же анын айрым жоболору Конституцияга карама-каршы келет деп таанылган, бирок тапшырмалар камтылган эмес.

1. Конституциялык палата 2014-жылдын 4-сентябрында эсепке алуу каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракетине жана иштешине тыюу салуу жөнүндө; Диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүү жөнүндө маселелерди камтыган «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү Конституциянын ченемдерине карама-каршы келбейт, ал эми «...жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган...» деген сөздөрдөн турган 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы карама-каршы келет деп чечим чыгарган.

Конституциялык палата өзүнүн чечимдерин кийинкидей тыянактар менен негиздеген.

Диний уюм коммерциялык эмес уюмдун бир түрү болуп эсептелет жана коомдун социалдык түзүмүнүн бөлүмү болуп эсептелет. Диний уюмдар акыркы жылдарда коомдун активдүү элементтеринин бири болуп калганына байланыштуу мыйзам чыгаруучу диний уюмдарды эсептик каттоого алуу үчүн талаптарды бекиткен. Бул талаптар дин эркиндигин чектөө катары каралышы мүмкүн эмес, анткени дин иштери боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик орган тарабынан диний уюмдарды эсепке алуу уюмдун ишмердиги менен декларацияланган баалулуктардын өз ара байланышын аныктоого, диний жама-

аттын функциялары менен иш-аракеттеринин коомдук коопсуздугун баалоого жардам берет.

Аны менен бирге, Конституциялык палата «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренесинде бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоо принциптерине негизделгенде, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» Мыйзамга ылайык диний уюмду түзүүнүн демилгечилери болуп эсептелишкен жарандардын тизмесин макулдашуу, эгер эсептик каттоо функциясы дин иштери боюнча мамлекеттик органга жүктөлгөн болсо, анда алар жергиликтүү маанидеги маселелерге таандык болушу мүмкүн эмес деп белгилейт.

Андан да, талашылып жаткан Мыйзам, жергиликтүү кеңеш менен макулдашууда демилгечилер тарабынан сактабаган учурда баш тартууга алып келе турган жарандардын тизмесин макулдашуунун критерийлерин аныктаган эмес. Тартиби, мөөнөтү, макулдашуунун критерийлери маселесинде мындай укуктук так эместик жергиликтүү кеңештер тарабынан арыздануучу менен талашылып жаткан ченемди ар кандай түшүнүү жана колдонууга алып келет. Ошол эле учурда, жергиликтүү кеңештер тарабынан диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринин тизмесин макулдашуудан баш тартууда, мыйзам менен бекитилген процедуралардын жоктугу кайрылуучуларды сот тартибинде өз укуктарын коргоодон ажыратат. Бул өз кезегинде Конституциянын 35-беренесинде бекитилген биригүү эркиндигине болгон укукту бузууга алып келет.

Баяндалгандын негизинде, ишмердүүлүгү кандайдыр бир даражада жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө таасир эте ала турган диний уюмдардын социалдык активдүүлүгүн эске алуу менен, мыйзам чыгаруучу мыйзамда диний уюмдардын тиешелүү аймакта өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүү жөнүндө ниетин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына маалымдоо милдетин караштыруусу тийиш (чечим аткарыла элек).

2. Конституциялык палата 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечими менен «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 3-беренесинин 3-абзацынын, 4-беренесинин 1, 2-пункттарынын, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 6-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 7-беренесинин конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата өзүнүн тыянактарын мамлекеттин бул укукту ишке ашырууда мүмкүн болгон кийлигишүү учурлары мыйзамдын негизинде гана милдеттүү коргоо кепилдиги (анын ичинде соттук) менен жана улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максаттарында гана жол берилет деп жүйөлөштүргөн. Ошол эле учурда, адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты анын макулдугусуз жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууга мыйзамдуу кийлигишүү мүмкүнчүлүгү Конституцияда белгиленген конституциялык маанилүү максаттарга ылайык келиши керек. Өз кезегинде, биометрикалык маалыматтарды жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууну караган жарандардын биометрикалык маалыматтары сыяктуу мындай механизмди киргизүү жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык максаттарга шайкеш келиши керек.

Ошондой эле Конституциялык палата, мамлекет өткөрүлүп жаткан шайлоонун айкындуулугун, чынчылдыгын жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуунун ар кандай шаймандарын иштеп чыгууга жана пайдаланууга укуктуу жана мындай шаймандардын бири катарында шайлоочулардын актуалдашкан тизмесин түзүүдө жаңы технологияларды пайдалануу болуп саналышы мүмкүн деп көрсөткөн.

Баяндалгандын негизинде, жарандарды өз убагында каттоо жана идентификациялык документтерди берүү максатында жарандарды биометрикалык каттоо, ошондой эле шайлоочулардын актуалдашкан тизмесин түзүү чынчыл, эркин жана ачык-айкын шайлоону камсыз кылууга жөндөмдүү шайлоо процессинин ажырагыс бөлүгү катары, мамлекеттин улуттук коопсуздугун коргоону камсыз кылуунун алкагында жеке турмуштун кол тийбестигине болгон укукту чектөөгө шайкеш болуп саналат.

Аны менен бирге, Конституциялык палата талашылып жаткан ченемде (Мыйзамдын 2-беренесинин 2-бөлүгү) аныкталган башка милдеттер, алардын мамлекеттик жана социалдык маанисине карабай, жол берилбеген жалпыланган мүнөзгө ээ, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген адамдын укуктарын жана эркиндиктерин чектөө учурунда ылайыксыз болуп саналат. Аталган милдеттер, өз маңызы боюнча, талашылып жаткан Мыйзамдын максаттары болуп саналат, аларга биометрикалык маалыматтарды колдонуу менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын актуалдашкан базасын түзүү аркылуу жетсе болот деп белгилеген. Ушуга байланыштуу Конституциялык палата мыйзам чыгаруучуга «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизиши керек, булар Мыйзамдын так жана ачык максаттарын аныктап, аларга жетүүчү механизмдерди так иштеп чыгышы керек. Бул учурда мыйзам чыгаруучу мыйзам жаратуучу процессте юридикалык терминалогияны туура колдонушу керек, ошондо Мыйзамдын ченемдерин кош мааниде жана бир мааниде эмес түшүнүү жокко чыгат деп тапшырма берген.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде биометрикалык маалыматтар жеке маалыматтардын өзгөчө сезгич категориясы болуп саналат, аларды мыйзамсыз колдонуу коркунуч жаратат жана бул маалыматтардын субъекттеринин укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтириши мүмкүн деп көңүл бурган. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу тарабынан Мыйзамдын 6-беренесинин 2-бөлүгүндө биометрикалык маалыматтарды Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө», «Маалыматташтыруу жөнүндө», «Кыргыз Республикасында мамлекеттик сырды сактоо жөнүндө» Мыйзамдары менен коргоо каралган. Ушуга ылайык, биометрикалык маалыматтарды жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууну алып бара турган мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган маалыматтар базасына санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүн жокко чыгаруу үчүн аталган мыйзамдарды кынтыксыз аткарышы керек.

Ошондой эле Конституциялык палата Конституциянын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт деп көрсөткөн. Ушуга байланыштуу талашка түшкөн Мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүндөгү ченем Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынган адамдын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматты берүү тартибин орнотуу бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт, анткени башка ченемдик укуктук актылар тарабынан мындай тартипти орнотууга жол берилбейт.

Ошон үчүн Конституциялык палата Мыйзамдын (6-берененин 3-бөлүгү, 7-берененин 2-бөлүгү) талашка түшкөн ченемдерин башкача түшүнүү адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин, жеке маалыматтарынын коопсуздугунун конституциялык кепилдигинин бузулушуна алып келиши мүмкүн деп белгилеген. Талашка түшкөн ченемдерди түшүнүүдө жана колдонууда кош маанилүүлүктү жокко чыгаруу максатында мыйзам чыгаруучу «Кыргыз Республикасынын жарандарын биоме-

трикалык каттоо жөнүндө» Мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизиши керек (чечим аткарыла элек).

3. Конституциялык палата 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечими менен шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана, алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу деп белгилеген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, талашка түшкөн ченемдик абалды ченемдик жөнгө салуу талапкердин же талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиянын шайлоо фондунун эсебинен каржылоону талап кылган шайлоо өнөктүгүнүн мезгилиндеги үгүт ишин тартипке салууга багытталганын белгилеген. Бул үгүт процессинин мааниси жана шайлоо алдындагы үгүт кампаниясынын бардык катышуучуларына тиешелүү болгон, шайлоо системасынын принциптеринин бузулуусуна алып келе турган ар кандай эркин аракеттерди жокко чыгаруучу бирдиктүү жүрүм-турум эрежелерин киргизүү зарылчылыгы менен байланышкан. Ошондуктан Конституциялык палата кайрылуучу тараптын талашка түшкөн ченемдик жоболор шайлоо алдында жарандар тарабынан өзүнүн каражаттарынын эсебинен бардык талапкерлерге каршы багытталган үгүт жүргүзүүгө тыюу салууну камтый тургандыгы тууралуу далилдери туура эмес деген тыянакка келген. Демек, бардык талапкерлерге каршы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү талашылып жаткан ченемдик жобонун укуктук жөнгө салуусунун акагынан чыгат.

Бирок, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучу шайлоо алдындагы үгүттөөгө карата укуктарды ишке ашыруу менен байланышкан жөнгө салуунун тигил же бул тараздерин тандоо менен шайлоолордун объективдүү жыйынтыгына жетишүү жана ушунун негизинде легитимдүү өкүлчүлүктүү элдик бийлик органдарын түзүү зарылчылыгын эске алуусу керек экендигин көрсөткөн. Андан улам, шайлоо алдындагы бардыгына каршы үгүттөө менен байланышкан укуктук мамилелер мыйзам чыгаруучу тааныган шайлоочулардын өзүнүн эркин шайлоочулардын бюллетенинде «бардыгына каршы» графасын толтуруу жолу аркылуу билдирүү мүмкүнчүлүгү болуп саналгандыктан өзүнчө укуктук жөнгө салууну талап кылат.

Баяндалганга байланыштуу, мыйзам чыгаруу органына ушул ченемдик жобонун жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан маселеде укуктук күмөндүүлүктү жөнгө салуу тапшырылган (чечим аткарыла элек).

4. Конституциялык палата 2016-жылдын 27-январындагы чечими менен «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Мыйзамдын оор жана өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар, соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан Кыргыз Республикасынын жараны аким боло албайт деген 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, теңдүүлүк принциби мамлекеттик кызматчылардын кесиптик ишин укуктук жөнгө салууга өзгөчө мамилени жокко чыгарбайт деп белгилеген. Мындай өзгөчөлүктү орнотуу, мамлекеттик кызматтын жогорку деңгээлин, мамлекеттик милдетти аткарып жаткан кызматчылардын кесиптик ишинин өзгөчө мүнөзүн колдоо максатында мамлекеттик кы-

зматты уюштуруу жана иштетүү милдеттери менен шартталган. Ошентип, мамлекеттик кызматтын мындай өзгөчөлүктөрүнүн маңызы, эмгек ишинин башка чөйрөлөрүнө салыштырмалуу мамлекеттик кызматкерлерге өзгөчө талаптарды бекитүүдө, мамлекеттик кызматты өтөөгө байланыштуу кандайдыр бир чектөөлөрдү орнотууда камтылат.

Андан да, Конституциялык палата өзүнүн айрым чечимдеринде «мамлекет конституциялык түзүлүштүн негиздерин бекемдөө үчүн мамлекеттик бийликти кыянаттык менен пайдалануудан жана криминалдашуудан коргогон майнаптуу укуктук механизмдерге муктаж. Тиешелүү укуктук механизмдерди түзүү менен мыйзам чыгаруучу мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдардын беделине жогорку талаптарды коюуга укуктуу. Мындай талаптар кызмат адамдарынын моралдык жана адеп-ахлактык сапаттарында, өздөрү менен бирге бийликти алып жүрүүчү катары алардын аракеттеринин мыйзамдуулугунда жана ак ниеттигинде күмөн пайда болбоосу үчүн бекитилген. Ушул себептен мыйзам чыгаруучу бийликтин коррупцияланышын жана криминалдашуусун улуттук коопсуздукка коркунуч катары кароо менен, көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн жарандардын мамлекеттик кызматка болгон укугуна тиешелүү чектөөлөрдү киргизүүгө укугу бар» - деп көз карашын айтып келген. Ошондуктан Конституциялык палата бийлик органдарынын легитимдүүлүгүн жана коомдун колдоосунан ажырашын болтурбоого багытталган аракет катары райондун аймагындагы башкы мамлекеттик кызмат ордун, кылмыш жасаган жарандардын аймактык бирдиктин социалдык жана экономикалык өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликтүү аким кызматын ээлөө укугун чектөө акталуу деген тыянакка келүүдө. Мындай аракет конституциялык жоопкерчиликти, укуктук демократиялык мамлекеттин принциптеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуу, укуктук тартиптин талаптагыдай иштөөсүн жана сакталышын, бийликтин криминалдашуусун алдын алуу боюнча конституциялык маанилүү максаттарды көздөйт.

Бирок Конституциялык палата тарабынан «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Мыйзамдын талашылып жаткан жобосу жасалган кылмыштын оордугун, коомдук коркунучтуулугун, мүнөзүн, объектисин, кылмыш жасагандан кийин өткөн убакытты эске албастан кабыл алынган деп белгиленген. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга кылмыштардын мүнөзүн жана коомдук коркунучтуулук даражасын эске алып, чоң коркунуч келтирбеген жана анча оор эмес кылмыштарды жасаган жарандарга карата ушул ченемди кайрадан карап чыгуу тапшырмасы берилген (чечим аткарыла элек).

**5.** Конституциялык палата 2016-жылдын 17-февралындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин ишкердик иш-аракет жүргүзгөн юридикалык жактар жана жарандар кандай гана жагдай болбосун доонун эскиришинин мөөнөтү калыбына келтириле албайт деген 215-беренесинин 2-пунктунун конституциялуулугуна баа берген. Жалпы мөөнөтү 3 жылды түзгөн мөөнөт аяктагандан кийин, жарандык укуктук мамилелердин дал ушул категориясынан өткөрүлгөн мөөнөттүн себептеринин олуттуулугун текшертүүнүн мүмкүнчүлүгүсүз эле, сот мындай бузулган укуктарды коргоо боюнча талаптарды кароого кабыл алуудан баш тартууга милдеттүү.

Конституциялык палата бул ченемдик орнотмо соттук коргонуу укугун жүзөгө ашырууну чектеген мыйзамдардын чектөөсү болуп саналарын белгилеген. Ошентип, Конституциялык палата укук колдонуу тажрыйбасында, кызыкдар тарап укуктун бузулуу фактысы жөнүндө билбей жана ал факты жөнүндө билүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгү жок, доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенине байланыштуу өз укуктарына соттук коргоонун натыйжалуу механизмдерин колдоно албай калган учурлар кездешерине көңүл бурган.

Аны менен бирге, Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун биринчи абзацында саналып өткөн адамдардын категориясы үчүн сотко кайрылуу укугун жүйөөлүү себептер боюнча калыбына келтирүү мүмкүн эместигин эске алып, аталган абзацтын доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө тыюу салууну жөнгө салган ченемдик жобосу мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей конституциялык принципке карама-каршы келет жана жарандык мамилелердин бардык ак-ниет катышуучуларын бирдей деңгээлде коргой албайт деп көрсөткөн.

Баяндалганды эске алуу менен, талашылган ченем Конституцияга карама-каршы келет деп таанылган. Андан тышкары, мыйзам чыгаруучуга Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктуна Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун биринчи абзацында каралган субъекттерге белгилүү жагдайларда өтүп кеткен доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө укуктук мүмкүнчүлүк берген жана аларды бул жагынан жарандык укук мамилелеринин башка калган катышуучулары менен теңдеген тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү тапышрмасы берилген (чечим аткарыла элек).

6. Конституциялык палата 2016-жылдын 2-ноябрында «Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүн, 22-беренесинин 1-5-пункттарынын конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, бул Мыйзам уюшкан кылмыштуулукка тиешеси бар адамдарга карата колдонулуучу чектөө мүнөзүндөгү чараларды караштырат деп көрсөткөн. Бирок көрсөтүлгөн чаралар коомду жана анын мүчөлөрүн кооптуу кол салуулардан коргоо максатында колдонулат жана жазык мыйзамдарында каралаган жаза чарасы катары карылышы мүмкүн эмес. Айрым укуктар менен эркиндиктердин мындай чектөөлөрү алдын алуучу дареметке ээ болгон жана адамдын же кайсы бир топтун кылмыш жасашына тоскоол болгон каражат катары кызмат кылат. Ушуга байланыштуу талашылып жаткан чектөө мүнөзүндөгү мыйзам чаралары мүмкүн болуп саналат жана Конституцияга карама-каршы келбейт.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата мамлекеттик сырлар жөнүндө маалыматтарды камтыган материалдарды ачыкка чыгаруу уюшулган кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө мамлекеттин кызыкчылыктарына орду толтурулгус зыян келтириши мүмкүн деп белгиледи. Ошондуктан, сот процессинин катышуучуларына мамлекеттик сырга тиешелүү болгон материалдар менен таанышуусун чектөө мүмкүн болуучу жагдай, анткени бул улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, адепти, калктын саламаттыгын, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучунун көңүлүн, ыкчам-алдын алуучу каттоого алуу жөнүндө соттун чечимине даттануу мүмкүнчүлүгү, мындай чечим чыгарылган адамдын укуктарын камсыз кылуунун кошумча кепилдиги болуп саналаарына бурду. Бирок, мыйзам чыгаруучу мындай категориядагы материалдарды кароо боюнча сот өндүрүшүнүн процесстик тартибин, ошондой эле ыкчам-алдын алуучу каттоого алуу жөнүндө соттун актысына даттануунун жана сот тарабынан салынуучу милдеттердин түрлөрүн колдонуунун тартибин жөнгө салган эмес, муну мыйзамдын кенемтеси катары кароо керек. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга бул укуктук кенемтени толуктоо тапшырмасы берилген (чечим аткарыла элек).

Эскертүү: 5 аткарыла элек чечим ушул Маалыматтын биринчи бөлүмүндө көрсөтүлгөн.

## Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруунун проблемалары

Конституциялык палатанын тажрыйбасынан келтирилген серептерди конституционализм идеяларын андан ары бекемдөө багытындагы алга болгон кадам катары караса болот. Бирок конституциялык контролдоо органынын чечимдеринин натыйжалуу аткаруусуз натыйжаларга жетиштик деп айтуу мүмкүн эмес.

Конституциялык палатанын чечимдеринин ченемдик мүнөзүн, алардын акыркы экендигин жана даттанылууга жатпай тургандыгын эске алганда, чечимдердин аткарылуусунун натыйжалуулугу өзгөчө актуалдуу болууда. Конституциялык палатанын чечимдерин аткарууда чечимдин өзүндө жазылган укуктук көз караштар менен көрсөтмөлөрдүн (тапшырмалардын) толугу менен жана өз убагында жүзөгө ашырылуусун камсыз кылган аткаруу ыкмасы колдонулууга тийиш. Андан да, ченемдик укуктук акт толугу менен бир бөлүгүндө конституциялуу эмес деп таанылган учурдан тартып мыйзамдарда укуктук вакуум же кенемте пайда болушу мүмкүн, алардын ченем жаратуучу орган тарабынан толукталуусу зарыл.

Конституция жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуу зарылдыгынан келип чыгып, чечимдердин юридикалык күчүн аныктоодо төмөнкүдөй принциптерге негизделет. Биринчиден, анын чечимдери бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү болуп саналат да, республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш. Экинчиден, Конституциялык палатанын чечимдери акыркы жана даттанууга жатпайт; Конституциялык палатанын ченемдик укуктук актыны же анын бир бөлүгүн конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө чечими өңчөй актты кайталап кабыл алуу жолу менен жокко чыгарылышы мүмкүн эмес. Үчүнчүдөн, Конституциялык палата тарабынан мыйзамдардын же алардын жоболорунун конституциялуу эместигин аныктоо, алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун жокко чыгарат, ошондой эле соттук актылардан тышкары конституциялуу эмес деп таанылган мыйзамдарга же анын жоболоруна негизделген башка ченемдик укуктук актылардын да колдонулушун токтотот. Алар ылайыгына келтирилигенге же жокко чыгарылганга чейин Конституция, ошондой эле Конституциялык палатанын чечимдери түздөн-түз колдонулат.

Конституциялык палатанын тажрыйбасында ченемдер Конституцияга ылайык келбейт деп таанылган чечимдердин санынын өсүү тенденциясы байкалууда. Ошентип, 2018-жылы өндүрүшкө кабыл алынган иштердин жалпы санынан 75% Конституцияга карама-каршы келет же болбосо жарым-жартылай карама-каршы келет деп таанылган; 25% өлкөнүн Баш мыйзамына карама-каршы келбейт деп таанылган, ошол эле учурда 2017-жылы мындай көрсөткүчтөр иретине карай 25% (карама-каршы келгендер) жана 80% (карама-каршы келбегендер) түзгөн.

Мындай чечимдер Конституциялык палатанын чечимдерин аткарууга багытталган «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 52-беренесинин тартибинде аткарылууга тиешелүү. Бирок, Конституциялык палатанын чечимдеринин аткаруу боюнча мыйзамдардагы илгерилетүүчү өзгөртүүлөргө карабастан, бул чөйрөдөгү белгилүү көйгөйлөр сакталып калууда.

Ошентип, азыркы учурда Жогорку Кеңештин кароосунда турган мыйзам долбоорлорунун көбү (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 22-ноябрындагы № 765 токтому менен жактырылган «КР жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоору; КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-апрелиндеги № 199 токтому менен жактырылган «Саясий мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган жарандардын соттуулугу жөнүндөгү маселе боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору; КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-июлундагы № 314 токтому менен жактырылган «КР Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоору; КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 7-сентябрындагы № 418 токтому менен жактырылган «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» конституциялык Мыйзам долбоору; КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы № 432 токтому менен жактырылган «Тышкы миграция жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоору; КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-ноябрындагы № 549 токтому менен жактырылган «КР Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоору) жооптуу профилдик комитеттерди дайындоо узак мөөнөттүү процедураларынан өтүп жатат. Маселен, Конституциялык палатанын 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечимин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыккан жана келтирген мыйзам долбоору дагы эле КР Жогорку Кеңешинин профилдик комитетинин кароосунда турат, мындай мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте каралышы керек экенине карабастан («КР Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» КР Мыйзамынын 55-беренесинин 14-бөлүгү), анын чечими дагы деле кабыл алына элек. Ошентип, КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча Комитетинин отурумдарында «КР жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү өнүндө» КР Мыйзам долбоорун кароо 2018-жылдын 20-февралында, 2018-жылдын 27-февралында, 2018-жылдын 30-октябрында, 2018-жылдын 13-ноябрында жана 2018-жылдын 20-ноябрында да кийинкиге жылдырылган. Ошондой эле, КР Жогорку Кеңешинин жогоруда белгиленген Комитетинин отурумдарында «Тышкы миграция жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоорун 2018-жылдын 30-октябрында, 2018-жылдын 13-ноябрында жана 2018-жылдын 20-ноябрында да; «КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» конституциялык Мыйзам долбоорун 2018-жылдын 30-октябрында кароо кийинкиге жылдырылган.

Көрсөтүлгөн жагдай тийиштүү мыйзам долбоорлорун кийинки кароо мөөнөтүн аныктабастан кароосун эч кандай чектөөсүз которуу мүмкүнчүлүгүн жаратууда (маселен, 2018-жылы болгон көрүнүштөрдү баамдасак).

Андан тышкары, КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген, бирок профилдик комитеттердин отурумдарында карала элек мыйзам долбоорлор өзүнчө көңүл бурууну талап кылат. Ошентип, «КР Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө», «Саясий мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган жарандардын соттуулугу жөнүндөгү маселе боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу», «КР Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңеште 2018-жылдын 9-июлунда, 2018-жылдын 12-июлунда жана 2018-жылдын 26-ноябрында каттоодон өтүшкөн, бирок ушул убкытка чейин КР Жогорку Кеңешинин

пленардык отурумуна киргизүү үчүн профилдик комитеттин талкуу процедурасынан өтө элек.

Конституциялык палата кабыл алып жаткан чечиидердин сапаттуу жүзөгө ашырылуусу жалпы юрисдикция сотторунан да көп учурда көз каранды. Бирок, биринчи, апеляциялык жана кассациялык инстанциялардагы жалпы юрисдикция сотторунун тажрыйбасында судьялар Конституциялык палатанын чечимдерин жетекчиликке албастан, Конституцияга карама-каршы келет деп таанылган ченемдик укуктук актынын ченемдерин колдонуу учурлары да бар, аны мыйзамдарга тийиштүү өзгөртүүлөр киргизиле элек деп негиздешүүдө. Жалпы юрисдикциядагы соттордун мындай тажрыйбасы Конституциялык палатанын чечимдеринин милдеттүүлүк принцибине карама-каршы келип, Конституцияда кепилденген жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулуусуна алып келүүдө.

Андан тышкары, биз Конституцияны укуктун негизги булагы катары таанып, анын ченемдери чечмеленип, Конституциялык палатанын чечимдеринде өзүлөрүнүн чыныгы-укуктук маанисин алаарын унутпашыбыз керек. Ошондуктан, эгерде Конституциялык палатанын чечимдери аткарылбаса же тиешелүү деңгээлде аткарылбаса, анда өлкөдө конституциялык мыйзамдуулук режимин камсыз кылуу этибарга алынбай жокко чыгарылууда. Ошол эле учурда, Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу үчүн иштелип чыккан мыйзам долбоорлорун кароону создуктуруунун жогоруда белгиленген тажрыйбасын жокко чыгаруу үчүн Конституциялык палатанын чечимдерин сапаттуу жана өз убагында жүзөгө ашыруу маселелери боюнча, ошондой эле Конституциялык палатанын чечимдерин укук колдонуучу органдар тарабынан колдонуу маселелеринде мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдардын биргелешкен макулдашылган жумушу жүргүзүлүшү керек.

Баяндалганды эске алуу менен, Конституциялык палата тарабынан ал 2018-жылы кабыл алган жыйынтыктоочу актыларына жүргүзүлгөн анализдин жана Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун жыйынтыгында ушул Маалымат түзүлгөн, ал биринчи кезекте укук маселелери боюнча ченем жаратуучу жана укук колдонуучу органдар үчүн ориентир катары кызмат кылат.

# СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЖОГОРКУ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ

ИДЛО/ЮСАИД программасы тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан Кыргыз Республикасында сот тутумун бекемдөө боюнча Программанын колдоосу менен Электрондук документ жүгүртүү тутуму (ЭДТ) киргизилген жана иштеп жатат, бул Конституциялык палатадагы иш жүргүзүүнү толугу менен автоматташтырууга жардам берди.

ЭДТнын негизги максаты электрондук документтерди түзүү жана аны алып баруу, кайрылуулар менен иштөөнүн натыйжалуулугун арттыруу, сапатын, маалыматтын толуктугун жана ишмердүүлүгүн жакшыртуу, документтердин жоголушун жокко чыгаруу ж.б. болуп саналат.

Документтердин электрондук версиялары каттоодон тутумга киргизилет, бул документтердин өз убагында аткарылышына контролдоону жүргүзүүгө жардам берет.

ЭДТ судьялар менен кызматкерлердин жүктөмүн көзөмөлгө алууга жардам кылууда, бул резолюцияны коюуда зарыл болот. Документтин аткаруучусу резолюциянын коюлушу жана документтин аткаруу мөөнөтү тууралуу билдирме алат.

Ар бир пайдалануучу үчүн учурдагы жумушу тууралуу маалыматты камтыган «Жумушчу кабинет» түзүлгөн.

ЭДТ анализди өткөрүү үчүн Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар боюнча статистикалык эсеп-кысапты чыгарууда кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берүүдө.

Издөөчтүн мүмкүнчүлүктөрү каалаган документти кыска мөөнөт ичинде табууга жардам берет.




2018-жылы ЭДТда жарандардын жана уюмдардын 73 кайрылуусу катталган. Бул кайрылуулар конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болгон жана Конституциялык палатанын судьялары тарабынан изилденген.

*Конституциялык сот өндүрүшүнүн процесси*




## Кайрылуулардын статистикасы

Кайрылуунун субъектисине жараша жеке жана юридикалык жактардын кайрылуулары өтүнүчтөр, судьялардын суроо-талап жана кызмат адамдарынын, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн сунуштама түрүндө судьялар коллегия курамында каралууга тийиш. Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттануу формасында даттанылышы мүмкүн (1-Диаграмма).

Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулардын көбүн жарандар жана юридикалык жактар берген өтүнүчтөр түзөт.

*1-диаграмма. 2018-жыл ичинде конституциялык сот өндүрүшүнүн кайрылуулары жана алардын пайыздык көрсөткүчтөрү*






*Конституциялык палатага кайрылуунун субъектилери*

| Кайрылуунун субъектилери | 2018-жыл | |
|---|---|---|
| | Саны | % |
| Жарандар | 57 | 78,1 |
| Юридикалык жактар | 15 | 20,5 |
| Судьялар | 1 | 1,4 |
| Бардыгы: | 73 | 100 |

## Кайрылуулардын мазмуну/кароонун жыйынтыктары (өтүнүч, суроо-талап)

2018-жыл ичинде (2-Диаграмма):

- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 15 аныктамасы;
- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 43 аныктамасы кабыл алынган;
- 7 кайрылуу судьялар коллегиясынын кароосунда турат.

*Диаграмма 2. Результаты рассмотрения обращения*



Конституциялык палата 2018-жылы бардыгы болуп 8 чечим жана 8 токтом кабыл алган.

Конституциялык палатанын бардык чечимдери жана токтомдору Конституциялык палатанын www.constpalata.kg расмий сайтында мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланат.

| | **2018-жыл** |
|---|---|
| **Кайрылуулардын бардыгы** | 186 |
| **КП судьялары караган кайрылуулар** | 85 (63+10+12) |
| **КП Аппараты караган кайрылуулар** | 101 |

Кененирээк маалымат 1-тиркемеде камтылган.

Өткөн жылдардагыдай эле келип түшкөн кайрылуулардын көбү борбор шаар - Бишкекке (36, ал 49,3%ды түзөт) жана Чүй областына (19, ал 26%ды түзөт) таандык, активдүүлүктүн жогорулашы Ош областында (11, ал 15%ды түзөт) байкалган. Жалал-Абад (2, ал 2,7%ды түзөт) жана Ысык-Көл областтарынын (4, ал 5,5%ды түзөт) түшкөн кайрылуулардын саны төмөндөгөн. Баткен областынан 1 (ал 1,5%ды түзөт) кайрылуу түшкөн. (3-Диаграмма)

*3-Диаграмма. Кайрылуулардын аймактык курамы*




Жеке жактардан 57 жеке жана 67 адамдан жамааттык кайрылуулар түшкөн.

Жеке мүнөздөгү жарандардын 53 кайрылуусу өтүнүчү бар, алардын ичинен 45 эркектер тапшырды, 8 аял кишилер тапшырды..

Жамааттын атынан келген 4 кайрылуу бар, алар негизинен 14 кишиден келип түштү, алардын ичинен 7 эркек, 7 аял кишилер. (4-Диаграмма).

*4-Диаграмма. Жарандардын кайрылууларынын гендердик курамы*




Конституциялык палатага кайрылгандардын көпчүлүк бөлүгү эркектерге - 52 таандык, ал эми аялдар – 15. (2-Тиркеме)

Конституциялык палатага келип түшкөн кайрылуулар ар кандай маселелерди козгогон. 71 ченемдик укуктук актынын ченемдеринин конституциялуулугу жөнүндө кайрылуулар каралган. Алар:

- ✓ конституциялык мыйзамдар – 6;
- ✓ кодекстер – 28;
- ✓ мыйзамдар – 21;
- ✓ Президенттин жарлыктары – 3;
- ✓ декреттер – 1;
- ✓ Өкмөттүн токтомдору – 9;
- ✓ мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары – 3.

Кошумча маалыматты 2-Тиркемени карагыла.

## Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептери

Эгер жаран Конституцияда таанылган укуктары жана эркиндиктери мыйзамдар же башка ченемдик укуктук актылар менен бузулуп жатат деп эсептесе, Конституция ага Конституциялык палатага кайрылуу укугун бекитип берген.

Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамалары боюнча кайрылуулардын анализи көрсөткөндөй, көбүнесе, баш тартуунун себеби кайрылуунун мазмунуна карата мыйзамдын талаптарынын бузулуусу болуп саналат. Алар:

- ✓ кайрылуучунун койгон маселеси боюнча укуктук көз карашынын жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негизмесинин жоктугу;

- мыйзам, башка ченемдик укуктук акт, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек ченемдик укуктук акт же Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору Конституцияга ылайык келүүдө күмөндүүлүктүн пайда болуусу кайрылууну кароо үчүн негиз болуп саналат.

Кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата коюлган талаптар боюнча 16 жолу баш тартылган.

16 жолу кайрылууда коюлган маселенин Конституциялык палатага караштуу эмес болгондуктан баш тартылган.



8 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы тиешеси жок субъект тарабынан тапшырылгандыгына байланыштуу баш тарткан, ал эми 3 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы кайрылууларда көрсөтүлгөн маселелердин конституциялуулугу текшерилген жана күчүндөгү актылар болгону үчүн дагы баш тартылган.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам (28-берене) кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө же болбосо аны кабыл алуу тууралуу аныктама тараптар тарабынан Конституциялык палатага даттанылуу мүмкүндүгүн дагы карайт. 2018-жылы 8 аныктама даттанылып, бирок бирөө дагы Конституциялык палата тарабынан канааттандырылган эмес.

*5-Диаграмма. Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептеринин салыштырмалуу анализи*



# ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ «КОНСТИТУЦИЯНЫН ҮСТӨМДҮГҮ ЖАНА АНЫН ТҮЗДӨН-ТҮЗ КОЛДОНУЛУШУ: КОНСТИТУЦИЯНЫН УКУКТУК КОРГОЛУШУН КАМСЫЗ КЫЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ»

Жылдагыдай эле, Конституциялык палата өзүнүн эл аралык мамилелерин андан ары өнүктүрүү жана тереңдетүү боюнча жагымдуу шарттарды түзүүдө эки тараптуу форматта, ошондой эле конституциялык сот адилеттиги боюнча эл аралык уюмдар жана региондук бирикмелер менен ишти улантууда.

Конституциялык палатанын 2018-жыл ичинде эл аралык ишмерлик жаатында маанилүү иш-чарасы – бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25 жылдыгына арналган «Конституциянын үстөмдүгү жана анын түздөн-түз колдонулушу: Конституциянын укуктук корголушун камсыз кылуу маселелери» темасындагы эл аралык конференциясы саналат. Иш-чара 2018-жылдын 19-20-апрель күндөрү Бишкек шаарында болуп өтү жана Конституциялык палата тарабынан «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү» Европа Биримдигинин колдоосу менен уюштурулган.

Конференциянын ишине Германия, Грузия, Казакстан, Корей, Монголия, Россия, Тажикистан, Түркия, Өзбекистан, Украина, Хорватия конституциялык сотторунун өкүлдөрү, Венеция комиссиясынын өкүлү, ошондой эле КР мамлекеттик органдарынын жана эл аралык уюмдардын жетекчилери, белгилүү чет өлкөлүк жана жергиликтүү окумуштуу-укук таануучулар жана эксперттер катышты.










Конституциялык палатанын төрагасы Э.Мамыров эл аралык конференцияны ачып, конференция Кыргыз Республикасынын 25 жылдыгы алдында өткөрүлүп жатканын белгиледи. Тилекке каршы, өлкөнүн Баш мыйзамы тарыхый кыска аралык ичинде, көбүнесе, Президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүү жана мыйзам чыгаруучу бийлик менен аткаруучу бийликти алсыратуу үчүн бир нече жолу өзгөрүүгө дуушар болгон. Бул өз кезегинде, Конституциянын кабыргасынын катуулугун жумшартып, токтотмолор менен тең салмактуулуктун эриш-аркак тутумунун бошоңдошуп кетишине алып келген. Ошондуктан Конституциянын маңызын, анын коомдогу жана мамлекеттеги касиетин аңдап билүү тереңдикти талап кылат. Анткени, өлкөдө конституциянын үстөмдүк принцибин укуктук көрүнүш катары тиешелүү деңгээлде камсыз кылбастан жана анысын турмушка жүзөгө ашырбастан конституциялык таасирлүү режимдин калыптандырылышынын мүмкүн эместигин көптөгөн мамлекеттердин тарыхы жана алардын нагыз тажрыйбасы ырастап келүүдө. Ушуга байланыштуу, конференциянын темасынын келип чыгышынын жөнү да ушундай.




Конференциянын ишинин алкагында чет өлкө катышуучулары жана илим өкүлдөрү Конституциянын үстөмдүгүн жана мамлекеттеги конституциялык стабилдүүлүктү камсыз кылууда конституциялык контролдоонун ролу тууралуу, Конституциянын маңызын жана мазмунун түшүнүүдө конституциялык контролдоо органынын чечиминин мааниси жөнүндө баяндама жасашты.



Казакстан Конституциялык Кеңешинин төрагасы Кайра Мами Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25 жылдык маарекеси менен Казакстан Конституциялык Кеңешинин атынан куттуктаган жана Баш мыйзамга ылайык коюлган жогорку максаттарга жетишүүнү каалаган. «Баш мыйзамдын тамгасы менен рухуна жооп берген конституциялык тажрыйбанын калыптанышы үчүн бардык зарыл шарттарды түзүү абдан маанилүү. Ал конституциялык ченемдердин чындап иштешин, алардын бирдиктүү колдонулушун камсыз кылуу үчүн зарыл жагдай» - деп Кайрат Мами белгилеген.



Өз кезегинде Россия Федерациясынын Конституциялык сотунун судьясы Александр Кокотов Конституциянын түздөн-түз колдонулушу Конституциялык соттун ишмердигинен гана эмес, ага конституциялык сотунун (дегеле жогорку бийлик өкүлдөрүнүн) Конституция тууралуу оюнан жана ага кылган мамилесине, конституциялык-соттук чечимдердин аткарылуу сапатына да, ошондой эле жарандардын ага жарандык (дин аралашпаган) ишенимдин жана укуктук тартиптин маанилүү эрежеси катары анын жоболоруна баш ийүү даярдыгына да көз каранды.



Шуберт Винфрид, Саксония-Анхальт федералдык жердин Конституциялык сотунун төрагасы, өзүнүн сөзүндө, профессор, теолог жана философ Рихарда Шрёдердин (Richard Schröder) цитатасын келтирген: «Конституциялык соттор, Федерациянынбы же федералдык жерлердин соту болобу, алар стадиондогу арбитрлер аткарган кызматты аткарып келишет. Алар оюндун эрежелеринин сакталышын гана камсыз кылууга милдеттүү. Ал эми оюн жакшы болобу, мыкты киргизилген топтор болобу-болбойбу, ал арбитрлердин милдети эмес, ал оюнчулардын – саясатчылардын оюну».

Германиянын Федералдык Конституциялык сотунун судьясы Ландау Герберт (отставкада) өзүнүн баяндамасында мындай деп белгилеп кеткен: «… мыйзам чыгаруучу бийлик менен укуктун ортосундагы эски атаандаштык мезгилинде күчтүү конституциялык юстицияны түзүү жолу менен укук үстөмдүгүнө артыкчылык берилген. Атүгүл бийликтин жогорку органдарынын Конституциянын талаптарынан ийменип туруусу жана, эгер зарыл болгон учурда, конституциялык сот өндүрүшүнүн тартибинде алардын сакталышын мажбурлоо тартибинде камсыз кылынуусу, укуктук коомчулукту конституциялык мамлекетке айлантат. Күчтүү конституциялык юстиция, Веймар республикасынын мезгилиндегидей эле, биз бүгүн байкагандай, кошуна мамлекеттердеги парламенттик көпчүлүккө Конституциянын негизги принциптеринен аша кечүүгө жол бербейт, ошондой эле мындагы азчылыктын укуктарын коргоо кызматын аткарат да, жалпысынан интегративдик натыйжага ээ болот».



«Конституция – бул коомчулуктун мүчөлөрү менен макулдашылган укуктук баалуулуктардын маңызынын кызматын аткарган өлкөнүн жогорку мыйзамы. Улуттук тартип «Конституциянын үстөмдүгү» принцибине негизделгендиктен, Конституция жараткан бардык мамлекеттик бийлик, мыйзам чыгаруучу, аткаруу жана сот бийлигин кошкондо, өзүнүн табиятында жогорку мыйзам менен байланышта. Конституциянын үстөмдүгүнүн сакталышынын эң күчтүү жана натыйжалуу механизми болуп конституциялык сот адилеттиги саналат. Анткени конституциялык сот адилеттиги Конституциянын чендик күчүн жана натыйжалуулугун, Конституцияда кепилденген негизги укуктардын сакталышын камсыз кылат жана мамлекеттин бардык аракеттерин конституциялык тартиптин контролдоосуна алып келет» - деп Корей Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы, Чо Юньхо белгилеген.

# ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

Конституциялык палата үчүн эл аралык конференциялардын ишинде катышуу Кыргызстанда конституционализмди тереңдетүүгө жана анын андан аркы өнүгүүсүнө багытталган жаңы мамилелерди жана демилгелерди ишке киргизүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

Конституциялык сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун тажрыйбасын өз ара изилдөө жана адамдын, жарандын пайдубал укуктары менен эркиндиктерин коргоо маселелеринде тажрыйба алмашуу максатында Конституциялык палатанын өкүлдөрү бир нече эл аралык конференциялардын ишине катышып келишкен.

Туркиянын Анкара шаарында 2018-жылдын 27-апрелинен тартып 28-апрелине чейин Туркиянын Конституциялык соту өзүнүн 54 жылдыгына арналган «Жеке даттануунун биринчи беш жылдыгын баалоо» деген эл аралык конференциясын өткөрүп, ага Конституциялык палатанын атынан судьялар Курмантай Абдиев жана Эмиль Осконбаев катышты.



Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары М. Касымалиев жана А. Нарынбекова 2018-жылдын 15-17-май күндөрүндө Санкт-Петербург шаарында Россия Федерациясынын Конституциялык соту тарабынан уюштурулган «Глобалдык өзгөрүүлөр доорундагы Конституция жана конституциялык контролдоонун милдеттери» аттуу темасындагы эл аралык конференцияга, ошондой эле Петербургдагы VIII эл аралык юридикалык форумдун ишине да катышып келишти.

Конституциялык палатанын судьялары Ч. Осмонова жана Ж. Саалаев 2018-жылдын 24-25-май айынын күндөрүндө Рига шаарында “XXI кылымдын глобалдашкан дүй-

нөдөгү конституциялык соттордун ролу" аттуу темасындагы эл аралык конференцияга катышып келишти.

2018-жылы 28-29-август күндөрү Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары Куанбек Киргизбаев Астана шаарында Казакстан Республикасынын Конституциялык Кенеши тарабынан уюштурулган «Конституция: укук үстөмдүгүнүн, жарандык коомдун жана заманбап мамлекеттин баалуулуктарын жүзөгө ашыруу» темасында эл аралык конференцияга катышып келди.




2018-жылдын 2-5-сентябрь күндөрү Сеулда Корей Конституциялык сотунун 30 жылдыгына арналган «Конституциялык сот адилеттиги жана демократия» темасындагы эл аралык конференция болуп өттү, ага Конституциялык палатанын төрагасы Эркинбек Мамыров жана судья-катчы Меергуль Бобукеева  катышып келди.



Конференциянын жүрүшүндө Конституциялык палатанын төрагасы Э.Мамыров «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча тажрыйбасы» темасында баяндама жасады.




2018-жылдын 18-19-октябрь күндөрү Минск шаарында Евразия экономикалык союзунун соту (ЕЭСС) тарабынан уюштурулган «Эл аралык сот адилеттиги жана интеграциялык процесстерди бекемдөө» аттуу эл аралык конференция болуп өттү. Конференциянын ишине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы Чинара Айдарбекова катышты.





Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судья-катчысы М.Р. Бобукеева 2018-жылдын 16-20-ноябрь күндөрү Лакноу шаарындагы (Индия) Дүйнөнүн Жогорку судьяларынын XIX эл аралык конференциясына катышты, ал жерден «Эл аралык сот жигердүүлүгү жана Кыргыз Республикасынын конституциялык контролдоо органынын соттук тажрыйбасы» темасында баяндама жасаган.



2018-жылдын 7-8-декабрь күндөрү Москва шаарында Конституциялык палатанын төрагасы Э. Мамыров жана анын кеңешчиси Р. Чикеев Россия Федерациясынын Конституциясынын 25-жылдыгына арналган «Салыштырмалуу укук таануу конституциялык идеал издөө жолунда» аттуу эл аралык конгрессине катышып келишти.





Конституциялык палатанын төрагасы Э. Мамыров жана эл аралык байланыш жана мыйзамдардын салыштырма анализи секторунун башчысы К. Масалбеков 2018 жылдын 14-16-декабрь күндөрү Стамбул шаарында (Туркия) өткөн «Мыйзам үстөмдүгү жана негизги укуктарды коргоодо жогорку сот системасынын ролу» аттуу эл аралык конференцияга катышып келишти. Конференция Ислам кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин жогорку соттор кызматташуу алкагында уюштурулган.

Конференциянын жүрүшүндө Конституциялык палатанын төрагасы Э.Мамыров «Мыйзам үстөмдүгү жана негизги укуктарды коргоодо Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ролу» темасында баяндама жасады.





## Конституциялык палатанын конституциялык контролдоо органдарынын эл аралык бирикмелеринин ишмердигине катышуусу

2018-жылы Конституциялык палата Конституциялык сот адилеттиги боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциянын, Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын, Жаңы демократия өлкөлөрүнүн конституциялык контролдоо органдарынын конференциясынын жана Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш келген соттордун ассоциациясынын толук кандуу мүчөсү катары кызматташтыгын улантып келген.

Конституциялык палатанын конституциялык контролдоо органдарынын эл аралык бирикмелериндеги ишмердиги конституциялык мыйзамдарды өнүктүрүү чөйрөсүндө алдыңкы чет өлкөлүк укуктук технологияларга жетишүүсүн камсыз кылат, каралып жаткан чөйрөдө башка катышуучу болгон мамлекеттердин учурдагы көйгөйлүү маселелери тууралуу юридикалык коомчулуктун кабардар болуунун кошумча каналын жаратууда.

Ушул максаттарда, аталган уюмдардын Катчылыктары менен жумушчу мамилелер туруктуу негизде жүзөгө ашырылат.

2018-жылдын 22-23-июнь күндөрү Венецияда Укук аркылуу демократияга (Венеция комиссиясы) Европа комиссиясынын 115-пленардык сессиясы болуп өттү. Пленардык сессиянын ишине Конституциялык палатанын төрагасы Э.Т. Мамыров катышкан.

Сессиянын жүрүшүндө Венеция комиссиясынын мүчөлөрү саясий уюмдарды, шайлоо тутумун, бейөкмөт уюмдардын ишмердигин, сот тутумунун реформаларын каржылоого тийиштүү айрым өлкөлөрдүн мыйзам долбоолору боюнча бир катар корутундуларды талкуулашкан жана аларды кабыл алышкан. Ошондой эле комиссиянын мүчөлөрүнө Казакстандагы конституциялык реформа жана мыйзамдар чөйрөсүндө кабыл алынуучу чаралар жөнүндө, ошондой эле Франциянын Конституциясына болжолдуу өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат сунушталган.

Конституциялык палатанын чечимдери CODICES электрондук маалыматтар базасында жайгаштырылган, ал өзү Венеция комиссиясынын мүчөлөрү болгон конституциялык сотторунун маанилүү чечимдердин жыйнагынан турат.

Жаңы демократия өлкөлөрүнүн конституциялык контролдоо органдарынын конференциясынын ишмердигинин жигердүүлүгү да байкалууда (андан ары - Конференция).

Эсепке кирген мезгил ичинде Санкт-Петербург шаарында 16-майда жана Астана шаарында 28-августта Конференциянын 2 отуруму болуп өттү, алардын иштерине судья М.Касымалиев жана иретине карай Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары К.Киргизбаев катышкан.

Ушул отурумдардын жыйынтыгы боюнча Конференциянын жаңы логотиби жана желегинин эскиздери макулдашылган жана бекитилген, ошондой эле Конференциянын Жарчысынын редакциялык комитеттин жана аны жарыялоо үчүн жооптуу адамдар курамы бекитилген.

Сеул шаарында жайгашкан Азия конституциялык сотторунун жана аг шайкеш институттардын ассоциациясынын Изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча катчылыгы «АКСА юрисдикциясы жана мүчөлөрүнүн уюму» аттуу өзүнүн биринчи китебин чыгарган. Катчылык кошумча катары АКСАнын тиешелүү мүчөлөрүнүн улуттук конституцияларын жана алардын конституциялык сот актыларын маалымат китебинде жарыялаган (2 томдук). Конституциялык палатанын маалыматы жана чечимдери да көрсөтүлгөн басылмаларда чагылдырылган.

# КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ

## Эссе республикалык конкурс
## Ачык эшиктер күнү

Конституциялык палатада 2018-жылы 3-майда Бишкек шаарынын 7 жожу үчүн Ачык эшиктер күнү өткөрүлдү жана «Улуттук мыйзамдар тутумунда Конституциянын орду жана ролу» темасында студенттер арасында эссе конкурстун жеңүүчүлөрүнө сый-лыктар тапшырылган. Бул иш-чаралар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25 жылдыгына карата арналган.





Конкурс Кыргыз Республикасында сот системасын бекемдөө боюнча USAID жана IDLO программасынын колдоосу менен Конституциялык палата тарабынан өткөрүлгөн. Конкурстун максаты – Улуттук мыйзамдар тутумунда мамлекеттин Баш мыйзамынын ролун жана маанисин ачкан мыкты эсселерди аныктоо болуучу.

Конкурска республиканын 12 жогорку окуу жайынын 25 студенти катышкан. Жеңүүчүлөргө дипломдор жана баалуу призder тапшырылды.




*Конкурстун жыйынтыгы боюнча биринчи орун Укук, бизнес жана билим берүү академиясынын студенти Мурадил Садыковго,*




*экинчи орун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын студенти Ринат Бакеевге,*




*үчүнчү орун Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенти Фатима Айтмухамедовага ыйгарылды.*



*Ошондой эле, апрель айында Конституциянын күнүнө карата Кыргызстан эл аралык университетинин студенттери жана № 12 мектеп-гимназиянын окуучулары үчүн Ачык эшиктер күнү уюштурулган.*



Маалымат үчүн билдиребиз, 2015-жылы «Конституция менин укуктарымды кантип коргойт» темасындагы эссеге 44 студент катышкан.Конкурс Бишкек шаарынын юридикалык факультеттеринин студенттери үчүн гана өткөрүлгөн. 2016-жылы «Конституция – өлкөнүн негизги мыйзамы» темасындагы мыкты материалдар (эссе, дил баян, аңгеме, ыр, видео жана фото материалдар) конкурсуна республиканын булуң-бурчунан 83 студент катышкан. 2017-жылы «Конституциялык сот адилеттиги адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо каражаты катары» темасындагы мыкты эссе жана видеролик конкурсуна республиканын 12 окуу жайынын ар кандай адистиктеги 65 студент катышкан. 2018-жылы «Улуттук мыйзамдар тутумунда Конституциянын орду жана ролу» темасындагы эссе конкурсуна республиканын 12 жогорку окуу жайынын 25 студенти катышкан. 6-Диаграмманы карагыла

*6-Диаграмма. Конкурстун катышуучуларынын саны*



## Конок лекциялары

Конституциялык палата тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнүнө карата ар жылы өткөрүлүүчү иш-чаралар алкагында Конституциялык палатанын судьялары 2018-жылдын 19-27-апрель күндөрү Бишкек шаарынын 7 жождун студенттери үчүн «Конституциянын үстөмдүгү жана анын мамлекеттин турмушундагы ролу» темасында конок лекцияларын өткөрүшкөн.



*Ошентип, Конституциялык палатанын төрагасы Эркинбек Мамыров Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын студенттери үчүн лекция өткөрүп келген, Мукамбет Касымалиев Кыргыз-Россия Славян университетинин студенттери үчүн лекция өткөрүп келген.*




*Судья-катчы Меергуль Бобукеева Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттери үчүн лекция өткөрүп келген,*



*Судья Чинара Айдарбекова «Ала-Тоо» эл аралык университетинин студенттери үчүн лекция өтүп келген,*



*Судья Чолпон Осмонова КР ТИМ Дипломатиялык академиясынын лекция өтүп келген,,*



*Судья Эмиль Осконбаев Борбордук Азиядагы Америка университетинин студенттерине лекция окуп келген,*



*Судья Жедигер Саалаев «Манас» Кыргы-Түрк университетинин студенттери үчүн лекция окуп келген.*

## «Moot court» - «Адилет-2018» II республикалык окуу соту

2018-жылы 31-майда Борбордук Азиядагы Америкалык университетте «Адилет-2018» конституциялык сот адилеттиги боюнча экинчи республикалык окуу соту болуп өттү. Ага БААУ, КР ИИМ Академиясынын, КОСУ, КР Өкмөтүнө караштуу КМЮА-нын, БУФБЭА, КЭУ, Ала-Тоо эл аралык университетинин жана ОшМЮУнун командалары катышты.








Конкурска көрсөтүлгөн жождордон 18 команда катышты, иштин алдын ала берилген фабуласы боюнча конституциялык сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө 9 команда кайрылуучу тарап, 9 команда жоопкер тарап болду. Конкурстун жыйынтыгы боюнча 1-орунду БААУнун, 2-орунду КОСУнун командасы алды. Командалар баалуу белектер менен, жеңүүчүлөр «Адилет - 2018» атайын кубок менен сыйланышкан.




Иш-чараны Борбордук Азиядагы Америкалык университетинин юридикалык факультети Конституциялык палата жана Кыргыз Республикасында сот тутумун бекемдөө боюнча USAID/IDLO программасы менен өнөктөштүктө өткөрүлгөн.



## Конституциялык палатанын конституционализм мектептери

2018-жылдын 18-майында Ош шаарында «Конституциялык палатанын чечими укук булагы катары» темасында конституционализмдин мектеби өткөн. Конституционализмдин мектеби Конституциялык палатанын чечимдеринин ченемдүүлүгү, милдеттүүлүгү жана акыркы болуп саналары тууралуу жергиликтүү соттор үчүн түшүндүрмө берүү максатында Конституциялык палата тарабынан «Адилет» укуктук клиникасы» коомдук фонду менен бирге уюштурулган. Жалпысынан, көрсөтүлгөн иш-чарага Ош шаарынан, Ош, Жалала-Абад жана Баткен областтарынан 25 судья катышты.



2018-жылдын 9-12-июль күндөрү Конституциялык палата адвокаттар, БӨУ өкүлдөрү, ченем жаратуучу жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ошондой эле ММК өкүлдөрү үчүн конституционализмдин жайкы мектебин өткөргөн.





Аудиториядагы угуучуларга карай лекторлор Конституциялык палатанын ишмерлигиндеги белгилүү учурларына катышуучулардын көңүлүн баса белгилеп турушту.

Маселен, адвокаттар менен БӨУ өкүлдөрүнө Конституциялык палатага кайрылууну туура берүү боюнча, ал эми ченем жаратуучу жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнө конституциялык сот өндүрүш процессине мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуу өзгөчөлүктөрү жана Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруунун болгон проблемалары тууралуу маалымат берилген, журналисттерге болсо Конституциялык палатанын чечимдери боюнча маалымат материалдарын жазуу боюнча практикалык жумуш уюштурулду.

Конституционализмдин Жайкы мектеби «Адилет» укуктук клиникасы» коомдук фонду тарабынан «Bread for the World» Германия фондунун долбоору алкагында өткөрүлгөн.

.



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН ИШИНИН АЧЫКТЫГЫ ЖАНА АЙКЫНДУУЛУГУ

## Жарчы

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 56-беренесине ылайык Конституциялык палатанын расмий басылмасы болуп «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысы» (андан ары – Конституциялык палатанын Жарчысы) саналат. Белгиленген конституциялык Мыйзамдын 52-беренесинин жоболоруна ылайык жыйынтыктоочу актылар Конституциялык палатанын Жарчысында жарыяланууга тийиш.




Конституциялык палатанын Жарчысы кабыл алынган чечимдер жөнүндө коомчулукка маалымат берүү максатында жылыга жарыяланып турат. Андан тышкары, Конституциялык палатанын Жарчысында укук маселелери судьялардын жана илимий ишмерлердин илимий макалалары жарыялоого тажрыйбага айланууда.

2018-жылы Конституциялык палатанын Жарчысынын кезектеги VII чыгарышы жарыяланган, ага Конституциялык палатанын 2017-жылдын экинчи жарым жылдагы чечимдери жана токтомдору, ошондой эле «Конституциялык палатанын чечими укук булагы катары» илимий-практикалык конференциясынын материалдары да кирген.



Конституциялык палатанын Жарчысы Европа Биримдиги тарабынан каржыланууда жана Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коому (GIZ) тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан «КРда укук үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү» долбоорунун колдоосу менен мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланган. Жарчыны КР Президентинин Аппараты, КР Жогорку Кеңешинин Аппараты, КР Өкмөтүнүн Аппараты, Жогорку сот жана жергиликтүү соттор, КР юстиция министрлиги, КМШ өлкөлөрүнүн конституциялык соттору, КР Адвокатурасы, ЖОЖдор, китепканалар, судьяларды, адвокаттарды, прокурорлорду окутуучу борборлор ж.б. алышат.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын расмий сайты

Конституциялык палатанын чечимдери жана корутундулары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысы болгон расмий басылмасында жана http://constpalata.kg расмий сайтында жарыяланат.



Андан тышкары, сайтта Конституциялык палатанын маалыматын жаңыртуу жана ишмердигин жарыялоо боюнча иш такай жүргүзүлүп турат.

Сайт өзүнө төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтыйт:

- «Конституциялык палата жөнүндө» - конституциялык контролдоо органынын ишмердиги жөнүндө маалымат берилген;
- «Кайрылуулар» - Конституциялык палатага кабыл алган кайрылуулар жана кайрылуу тартиби жөнүндө маалымат баяндалган;
- «Отурумдар» - отурумдар календары, отурумдарды жүрүм-турум эрежелери жөнүндө маалымат жана отурумдарды видеожазуулары жайгаштырылган;




- «Актылар» - КПнын чечимдери жана корутундулары жайгаштырылган;
- «Конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуу» - ар бир жылдын жыйынтыгы боюнча конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жана такай жаңыртылып турган чечимдердин аткарылуу сереби жөнүндө маалымат жарыяланып турат;
- «Жарчы» - «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысынын» бардык басылмалары жайгаштырылган (2013-2017-жылдар ичиндеги I-VI чыгарылыштар);
- «Жылдык доклад» - 2013-2018-жылдар ичиндеги Конституциялык палатанын докладдары жайгаштырылган.

## Конституциянын үстөмдүгү жана анын түздөн-түз колдонулушу: Конституциянын укуктук корголушун камсыз кылуу маселелери» эл аралык конференциянын материалдары

Конституциялык палата Европа Биримдиги тарабынан каржыланып жаткан «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү – 2-фаза» программасынын техникалык колдоосу менен «Конституциянын үстөмдүгү жана анын түздөн-түз колдонулушу: Конституциянын укуктук корголушун камсыз кылуу маселелери» аттуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25 жылдыгына арналган эл аралык конференциянын материалдарын (андан ары - Материалдар) басып чыгарган.




Бул Материалга белгиленген эл аралык конференциянын катышуучуларынын, анын ичинде конституциялык юстиция жана укук үстөмдүгүнүн актуалдуу маселелерин камтыган чет өлкө конституциялык сотторунун судьяларынын баяндамалары, ошондой эле иш-чаранын меймандарынын куттуктоо сөздөрүн да кирген. Бул Материал конституционалисттер, укук чөйрөсүндөгү эксперттер, ошондой эле илим өкүлдөрү арасында пайдалуу жана талапка ылайык болуп, Кыргыз Республикасында конституционализм принциптерин жана укук үстөмдүгүн андан ары өнүктүрүүдө жана аны жеткиликтүү кылууга жардам берет деген көр караштабыз.

## Конституциялык палатанын Маалымат порталы

Конституциялык палатанын Маалымат порталы 2018-жылы түзүлгөн, 2018-жылдын 1-мартынан тартып иштейт.




Маалымат порталы Конституциялык палатанын судьялары жана Аппаратын кызматкерлери зарыл маалыматты издөөдө алардын жумушун жеңилдетип, кызматтык пайдаланууга үчүн арналган тиешелүү материалдарды камтыйт.

Маалымат порталы Конституциялык палатанын Аппаратынын жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан системалуу түрдө толукталып туруучу тиешелүү бөлүмдөрдөн турат.

Жалпысынан, маалымат порталынын жумушу пайдалануучу көрсөткөн фильтрлердин, ачкыч сөздөрдүн жана башка издөө параметрлери менен зарыл маалыматты издөөгө багытталган.



# КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН ДАРАМЕТТИН КҮЧӨТҮҮ

Конституциялык палатанын аппаратынын натыйжалуу ишмердигин камсыз кылуу үчүн тажрыйба алмашуу жана аппарат кызматкерлерин квалификациясын чет өлкөдөн жогорулатуу үчүн белгилүү шарттар түзүлүүдө.

Мамлекеттик тилди билүү деңгээлин жогорулатуу үчүн персоналды башкаруу жана документациялык камсыз кылуу бөлүмү 2017-жылдан тартып 2018-жылды кошкондо Аппараттын кызматкерлерин тиешелүү окутуу уюштуруп жана «Кыргызтест» компьютердик тесттен өтүүгө даярдап келген.

2018-жылдын 14-сентябрында Конституциялык палатанын кызматкерлери компьютердик тесттен ийгиликтүү өтүп келген. Мамлекеттик тилдүү билүү А1 жана А2, В1 жана В2, С1 категориялары боюнча бааланып, тесттин өзү лексика-грамматикалык, окуу, аудио угуу, жазуу жана сүйлөө деген беш субтесттен турат экен. Тестирлөөнүн жыйынтыктары Аппараттын кызматкерлери өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик тилди билерин көрсөттү.




2018-жылдын ноябрь айында мамлекеттик сатып алуу жаатында жумуштун сапатын көтөрүү үчүн эксперттик-аналитикалык бөлүмдүн улук консультанты, мамлекеттик сатып алуу иштери боюнча сертификаты бар адис Аппараттын кызматкерлери үчүн мамлекеттик сатып алуу боюнча окутуучу семинар өткөргөн.

Андан тышкары, каржы-чарба секторунун улук консультанты Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине караштуу Окуу борборунан мамлекеттик сатып алуу иштери боюнча курстардан өтүп, 2018-жылдын май айында тиешелүү сертификат алган.



Эл аралык бөлүмдүн кызматкерлери да CODICES МБ боюнча суроо-жооп иретиндеги семинарларды өткөрүшкөн. Белгилеп кетүүчү жагдай, CODICES МБ менен толук кандуу иштөө үчүн француз/англис тилдерин билүү зарыл.

2018-жылдын 29-майынан тартып 1-июнун кошкондо Сеул шаарында Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын (АКСА) ишмердигинин алкагында «Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын юрисдикциясы жана анын мүчөлөрүн уюштуруу» 1-изилдөөчүлүк конференция болуп өттү. Бул Конференция Сеул шаарында 2017-жылы январь айында иштеп баштаган АКСАнын изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча Катчылык тарабынан уюштурулган.

Конференцияга Афганистан, Индонезия, Казакстан, Кыргызстан, Корей, Малайзия, Монголия, Мьянма, Россия, Тажикистан, Таиланд, Туркия, Филиппин конституциялык сотторунун жана башка шайкеш институттардын, ошондой эле Адам укуктары боюнча Европа сотунун жана Европа биримдигинин Венеция комиссиясынын өкүлдөрү катышкан. Конституциялык палатадан конференциянын ишине Конституциялык палатанын соттук отурумдарды уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, АКСА менен байланыш офицери катышып келген.

Иш-чаранын жүрүшүндө өкүлдөр өздөрүнүн сотторунун ыйгарым укуктары, негизги функциялары жана түзүмү тууралуу маалымат беришкен, АКСАнын изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча Катчылыкта стажировкадан өтүү маселелерин, ошондой эле Катчылыктын онлайн-форумун түзүү жана анын веб-сайтын толтуруу боюнча учурдагы маселелерин талкуулашкан.

2018-жылы Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын жана башка эки тараптуу макулдашуулар алкагында Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлери окуу максаттарда төмөнкүдөй иш-чараларга катышып келген:

2018- жылдын 29-майынан тартып 1-июнун кошкондо, Сеул шаарында (Корея) Конституциялык палатанын аппаратынын соттук отурумдарды уюштуруу бөлүмүнүн башчы-

сы «АКСА мүчөлөрүнүн юрисдикциясы жана уюштурулушу» аттуу АКСАнын изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча Катчылык уюштурган 1-изилдөөчүлүк конференциясына катышып келди.




2018-жылдын 17-21-сентябрь күндөрү Анкара шаарында (Туркия) Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын «Эркиндикке жана коопсуздукка укук» аттуу 6-жайкы мектеби өткөрүлдү, анын ишине Конституциялык палатанын аппаратынын персоналды башкаруу жана документациялык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы катышып келди.

Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын Туруктуу катчылыгынын ишмерлиги алкагында Кесиптик даярдоо жана адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча Борбордун функциясын аткарган Туркия Республикасынын Конституциялык соту тарабынан Жайкы мектеп уюштурулган.

Жайкы мектептин ишине Азербайжан, Албания, Болгария, Грузия, Индонезия, Казакстан, Корей, Косово, Малайзия, Монголия, Палестина, Тажикистан, Таиланд, Украина жана Түндүк Кипр, Каратоолуктар (Черногория) конституциялык контролдоо органдарынын өкүлдөрү, ошондой илимдин өкүлдөрү жана иштеп жүргөн юристтер катышты.

Жайкы мектептин катышуучулары тематикалык баяндамаларды жасашты жана эркиндик менен коопсуздукка болгон укуктарды коргоо маселелси боюнча конституциялык контролдоо органдарынын тажрыйбасын, ошондой эле катышкан өкүлдөрдүн өлкөлөрүндө бул маселелердин мыйзамдар тарабынан жөнгө салынуусун да талкуулашты.

Жайкы мектептин жыйынтыгы боюнча бардык катышуучуларга сертификаттар ыйгарылган.

2015-жылдан тартып Кыргызстан Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын мүчөсү болуп саналарын белгилей кетүү керек.




*Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын «Эркиндикке жана коопсуздукка укук» аттуу 6-жайкы мектеби (Анкара шаары, Түркия Республикасы)*

2018-жылдын 21-октябрынан тартып 1-ноябрдын кошкондо Сеул шаарында (Корея Республикасы) Конституциялык палатанын Аппарат жетекчиси менен эл аралык мамилелер жана мыйзамдардын салыштырма анализи секторунун башчысы Корей конституциялык соту тарабынан уюштурулган IT технологиялар боюнча окутуу семинарына катышып келди.

Курстун уюштуруучулары болуп Корея Конституциялык соту, Кореянын Илим жана ИКТ министрлиги жана IT индустрияны илгерилетүү боюнча Улуттук агенттик (NIPA) саналат. Бул курска 16 чет өлкөдөн конституциялык контролдоо органдарынын 25 өкүлү катышкан.

Төмөнкүлөр курстун предметтери болгон: компьютер жана мобилдик жабдыктар аркылуу берилүүчү электрондук сот кызматы, анда чечимди аргументтештирүү жана кабыл алуу үчүн мультимедиялык жабдыктар колдонулат; жана Конституциялык соттун ишинде колдонулуучу ар кандай IT кызматтар.




*"Электрондук соттун кызматы үчүн ИКТ курсу" 2018-жылдын окутуу программасы*




Өткөн жылдын эсебинен Конституциялык палатанын төрагасы Э.Мамыров бир катар жумушчу жолугушууларын өткөргөн, алардын арасында ММКнын азаттыгы боюнча Арлем Дезире мырза баштаган ОБСЕ делегациясы менен, ЕБ «Мыйзамдын үстөмдүгү» программасынын жетекчиси Стефанос Кареклас мырза менен, USAID/IDLO региональдык программасынын директору Фредом Хьюстон мырза менен, ТИКАнын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн башчысы Али Муслу мырза, ЕБ эксперттери Бунафша Гулакова жана Георгиий Папуашвили мырза менен болгон жолугушууларды белгилесе болот.



Жолугушуулардын жүрүшүндө тараптар кызматташуунун келечектерин жана конституциялык сот адилеттигинин ар кыл багыттары боюнча тажрыйба алмашуу маселелерин талкуулашкан.

## Конституциялык палатанын корреспонденциясы

Конституциялык палатанын дарегине төмөнкүдөй кайрылуулар келип түшөт:

- судьялардын изилдөөсүн талап кылган;
- судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган.

Судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган кайрылуулар Конституциялык палатанын Аппараты тарабынан каралат жана «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында чечилет.

Ошентип, 2018-жылы жарандардан жана юридикалык жактардан судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган 101 кайрылуу келип түшкөн.



*Конституциялык палатанын аппараты*

## 1-ТИРКЕМЕ

| Кайрылуунун субъектилери | Кайрылуулардын саны | Кароо стадиясында турат (30 ж.к.) | Кайтарылды | Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | КР ЖС КП актыларына түшүндүрмө берилди | 15 өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен | | | | | Анын ичинде бириктирилген иштер | Анын ичинен айрым талаптар аныкталды | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылды | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Кабыл алынган чечимдер, корутундулар | Өндүрүштө турат (5 ай) | Кыскартылды | Токтотулду | Кароосуз калтырылды | | | Даттануулардын саны | Кароо стадиясында | Тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин арызданууччу өзү кайтарып алды | Чыккан токтомдор: Өндүрүшкө кабыл алынды | Чыккан токтомдор: Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | Кароосуз кайтаруу |
| Жеке жактар | 50 | 6 | | 36 | | 7 | 5 | | | | 2 | | 7 | | | | 8 | 0 |
| Юридикалык жактар | 12 | 1 | | 8 | | | 1 | | | | | | 3 | | | | | 3 |
| | **62** | **7** | **0** | **43** | **0** | **7** | **6** | **0** | **0** | | **2** | **0** | **10** | **0** | **0** | **0** | **8** | **3** |
| КР Жогорку Кеңеши | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР Жогорку Кеңешинин фракциясы (фракциялары) | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР Президенти | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР Өкмөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР Премьер-министри | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР Башкы прокурору | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) | | | | | | 1 | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| КР судьясы (судьялары) | 1 | | | | | | 1 | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Бардыгы** | **63** | **7** | **0** | **43** | **0** | **8** | **7** | **0** | **0** | **0** | **2** | **0** | **10** | **0** | **0** | **0** | **8** | **3** |

## 2-ТИРКЕМЕ

| Кайрылуулардын субъектилери боюнча маалыматтар | | |
|---|---|---|
| № т/б | Кайрылуу субъектилери | Жалпы саны |
| 1 | КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) | |
| 2 | КР Башкы прокурору | |
| 3 | КР Жогорку Кеңеши | |
| 4 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | |
| 5 | КР Өкмөтү | |
| 6 | КР Президенти | |
| 7 | КР Премьер-министри | |
| 8 | КР судьясы (судьялары) | 1 |
| 9 | Жеке жактар | 4 |
| 10 | Жеке жак | 53 |
| 11 | КР Жогорку кеңешинин фракциясы (фракциялары) | |
| 12 | Юридикалык жактар | |
| 13 | Юридикалык жак | 15 |
| | БАРДЫГЫ | 73 |

| Кайрылуулардын предмети боюнча маалыматтар | | |
|---|---|---|
| № т/б | Кайрылуулардын предмети | Жалпы саны |
| 1 | Конституциялык мыйзамдар | 6 |
| 2 | Кодекстер | 28 |
| 3 | Мыйзамдар | 21 |
| 4 | Президенттин жарлыктары | 3 |
| 5 | Убактылуу Өкмөттүн декреттери | 1 |
| 6 | Өкмөттүн токтомдору | 9 |
| 7 | Башка мамлекеттик органдардын актылары | 3 |
| | БАРДЫГЫ | 71 |

| Кайрылуулардын аймактыгы боюнча маалыматтар | | |
|---|---|---|
| № т/б | Аймактар | Жалпы саны |
| 1. | Бишкек шаары | 36 |
| 2. | Ош областы | 11 |
| 3. | Баткен областы | 1 |
| 4. | Жалал-Абад областы | 2 |
| 5. | Ысык-Көл областы | 4 |
| 6. | Нарын областы | |
| 7. | Талас областы | |
| 8. | Чүй областы | 19 |
| | БАРДЫГЫ | 73 |

| Кайрылуулардын гендердик белгиси боюнча маалыматтар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Арызданууучунун түрү | Кайрылуулардын саны | Кайрылуучулардын саны | Алардын ичинен | |
| | | | эркектер | аялдар |
| Жеке жак (жарандар) | 53 | 53 | 45 | 8 |
| Жеке жактар (жамааттык кайрылуулар) | 4 | 14 | 7 | 7 |
| Бардыгы | 57 | 67 | 52 | 15 |

## 3-ТИРКЕМЕ

2018-жыл ичиндеги Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын

УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАР БАЗАСЫ

| № п/п | Чечимдин/ корутундунун реквизиттери | Чечимдин/ корутундунун аталышы | Укуктук жоболор | Классификация |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2018-жылдын 24-январы | Максат Джаныбекович Барыктабасовдун кызыкчылыгындагы Искендер Бакытович Какеевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 102-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 135-беренесинин 2-пунктунун, 138-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пунктунун, 249-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи жана жетинчи абзацтарынын, 325-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 329-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун, 354-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 357-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун конституциялуулугун арыздарды, апелляциялык жана кассациялык даттанууларды берүүдө мамлекеттик алымды төлөөнүн милдеттүүлүгү, ошондой эле берилген арыздарды, апелляциялык жана кассациялык даттанууларды мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгүнүн далили болбогон учурда кайтарып берүү бөлүгүндө текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Соттук коргонуу укугу мыйзамдар менен бекитилген уюштуруучулук-укуктук жана процесстик формалар аркылуу укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүү кепилдиктерин болжойт, алар конкреттүү иш кайсы сотто жана кандай процедура боюнча каралууга тийиш экендигин жана соттук коргонуу укугу бардык башка укуктар менен эркиндиктердин маанилүү конституциялык кепилдиги болуп, аны алдын ала аныктайт, анын камсыздалышы бийликти бөлүштүрүү тутумунда сот бийлигинин өзгөчө орду, жеке анын гана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу компетенциясы менен шартталган деп көрсөткөн.<br>Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет катары, иштер кайсы сотто жана кандай тартипте каралышы керектигин аныктай турган мыйзам менен бекитилген критерийлердин негизинде, адилеттүүлүктүн талаптарына жооп берген сот адилеттиги аркылуу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин натыйжалуу коргоону камсыз кылууга милдеттүү, бул сотко жана сот процессинин башка катышуучуларына алар менен ишке ашырылуучу аракеттердин адилеттигине жана мыйзамдуулугуна ишеним артууга мүмкүндүк берет. | Соттук коргонууга укук;<br>адилеттүү соттук териштирүүгө укук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Соттук коргонуу укугун жүзөгө ашыруунун маанилүү курамдык түзүүчүсү болуп соттук коргонууга жетишүү саналат, ал өз кезегинде мамлекет тарабынан бузулган укуктардын ордун адилеттүү түрдө калыбына келтирүүнү эч кандай чектөөсүз алууга жол берген уюштуруучулук жана процесстик мүнөздөгү шарттарды түзүүнү болжойт. Мындай шарттар катары соттордун калкка аймактык жакындыгы, соттордун уюштуруучулук инфраструктурасы, иштерди кароонун орундуу мөөнөттөрү, соттук актыларга эркин даттануу мүмкүндүгү ж.б. болот. Алардын ичинде жарды адамды соттук чыгымдардан такыр бошотууну кошкондо, орундуу соттук чыгымдар да каралат. | Сот адилеттигине жетишүү |
| | | | Соттук чыгымдар деп сотто иш боюнча өндүрүштү жүргүзүүгө байланыштуу ишке катышкан адамдар тарабынан төлөнүүчү мыйзам менен белгиленген акча каражаттары саналат. Эгерде мыйзамда сот адилеттигинин бекер жүзөгө ашырылуу учуру белгиленбесе, ишти сотто кароого байланыштуу чыгымдарды тараптар өздөрү төлөшөт. Мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүгө катышкан жактар аны жүргүзүүгө жетиштүү каражатынын жок экендигин сотко далилдеген ар кандай учурда сот адилеттиги жүзөгө бекер ашырылат деп аныктаган конституциялык ченемден келип чыгат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 103-беренеси). Аталган конституциялык орнотмодон бардык эле учурларда сот адилеттиги бекер жүзөгө ашырыла бербей турганы келип чыгат. Сотко соттук коргонуу үчүн кайрылган жактардын соттук чыгымдары сот тутумунун тиешелүү ишин камсыздоого багытталган мамлекеттик чыгымдарды жарым-жартылай калыбына келтирүү милдетин аткарат. | Соттук чыгымдар |
| | | | Мамлекеттик алым деп «Мамлекеттик алым жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык тиешелүү мамлекеттик органдар - соттор, мамлекеттик нотариустар жана башка атайын ыйгарым укуктуу органдар, ошондой эле жеке нотариустар тийиштүү бир иштерди аткарууда жана юридикалык мааниси бар документтерди берүүдө алар тарабынан өндүрүлүүчү акча жыйымы таанылат. Каралып жаткан контекстте мамлекетик алым ишке катышкан адамдардын арызы үчүн эмес, аны кароо боюнча соттун аракеттери үчүн алынууда. | Мамлекеттик алымдын түшүнүгү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мамлекеттик алым алуу компенсациялык жана алдын алуучулук максаттарды көздөйт. Эгер компенсациялык максат соттун тиричилигине бөлүнгөн каражаттардын ордун тургузуусун камсыздаса, алдын алуучулук болсо, өз кезегинде сотко негизгисиз кайрылуулардын алдын алат жана адамдарды ыйгарым укуктуу жактардын алдында өзүнүн милдеттенмелерин ыктыярдуу аткарууга үндөйт.<br>Ошол эле учурда, жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында мамлекеттик алым сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүк принцибин бузбаш үчүн ченемсиз жана акылга сыйбаган болушу мүмкүн эмес. | Мамлекеттик алымды киргизүүнүн максаты |
| | | | Мамлекеттик алымдын ставкалары орундуу болушу керек жана аларды төлөө сот адилеттигине жетишүү үчүн реалдуу тоскоолдук болуп, адамга түйшүк болбошу керек.<br>Демек, өзүнүн бузулган укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылган адамдын кызыкчылыктары менен сот адилеттүүлүгүнүн кызыкчылыктарынын ортосунда тиешелүү баланcты аныктоо мыйзам чыгаруучу үчүн мамлекеттик алымдын ставкаларынын орундуу ченемин жана аны төлөө боюнча жеңилдиктерди берүүнүн так тартибин аныктоодо зарыл шарт болуп саналат. | Мамлекеттик алымдын ставкалары |
| 2 | 2018-жылдын 14-февралы | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын<br>19-беренесинин<br>4-бөлүгүнүн<br>1-4-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Кодулабоонун конституциялык принциби деп инсандын табиятына же социалдык өзгөчөлүгүнө карай укуктарын, эркиндиктери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын чектөөгө же кемсинтүүгө конституциялык тыюу салууну түшүнүү керек. Мында, укук субъектилеринин укуктары менен милдеттеринде айырмачылыктарга алып келген укуктук жөнгө салууну ар бир дифференциациялоо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык ишке ашырылуусу керек, ага ылайык эгерде алар чындап объективдүү, негиздүү жана конституциялык маанилүү максаттарды көздөгөн болсо чектөөлөргө жол берилет, ал эми бул максаттарга жетишүү үчүн киргизилип жаткан чектөөлөр аларга өлчөмдөш болушу керек. | Кодулабоо принциби |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мыйзам жана сот алдында баары бирдей деген конституциялык принциптин өзү эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке турмуштун ар кандай жаатында укуктук мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин бузууга алып келүүчү башка жагдайлары боюнча кандайдыр бир айырмачылыкты жокко чыгарууну же артыкчылык берүүнү мыйзам болжобойт деген талапты туюндурат. Укук субъекттери тең укуктуу шарттарда тең укуктуу абалда болушу керек. Теңчилик принцибин сактоо башка нерселерден тышкары объективдүү жана аң-сезимдүү актанууга ээ болбогон бир эле категорияга кирген адамдардын укуктарына ушундай айырмачылыктарды киргизүүгө тыюу салууну түшүндүрөт. Буга ылайык мыйзам чыгаруучу аткарылган иш милдеттери, корголуп жаткан кызыкчылыгы укуктуу жана өлчөмдөш жалпы маанидеги конституциялык максаттарга ылайык келген башка кырдаалдарга карата белгилүү субъекттер үчүн жалпы тартиптин ичинен айрым жоболорду алып салууга жана кандайдыр бир жеңилдиктерди киргизүүгө укуктуу. | Мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуу принциби |
| | | | Баш мыйзам ар кимге, анын укуктарынын ордун толугу менен калыбына келтирүү мындай зарылдык пайда болгон учурда, юридикалык квалификациялуу жардам берүү мүмкүндүгүн мамлекеттен талап кылат. Бул жагдай-шарт адвокаттын квалификациясынын деңгээлине, анын жүрүмтурумуна жана сот адилеттигинин максаттарына жетишүүдө тике катышкан субъект катары өзүнө алган милдеттенмелерди ак ниеттик менен аткаруусуна коюлган жогорулатылган талаптарды түшүндүрөт. Ушуну менен укуктук жардам көрсөтүүгө даярдыгы жок же профессионалдык талаптарга жооп бербеген адамдардын келүүсүн жокко чыгарган механизмдерди мыйзам чыгаруу деңгээлинде бекитүү зарылдыгы менен туюндурулууда. | Адвокаттык ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн талаптар |
| | | | Адвокат күчүндөгү мыйзамдарга ылайык адвокаттык иш жүргүзүүгө укуктуу, мыйзамдарда белгиленген тартипте лицензияга алган жана Адвокатура – кесиптик жамаатынын мүчөсү болгон Кыргыз Республикасынын жараны. | Адвокат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Адвокаттык иш болуп жеке жана юридикалык жактарга, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана корголуучуга алардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле сот адилеттүүлүгүнө жетүүсүн коргоо жана камсыз кылуу максатында мыйзамда белгиленген тартипте адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алган адамдар тарабынан кесиптик негизде көрсөтүлө турган квалификациялуу юридикалык жардам саналат. | Адвокаттык ишмердик |
| | | | Адвокаттын кесиптик иши компетенттүүлүк, адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк жана жашыруун сырды сактоо принциптеринен куралууга тийиш. | Адвокаттык ишмердикти жүзөгө ашыруунун принциптери |
| | | | Мамлекет квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн коомдук маанилүүлүгүн эсепке алып, адвокаттарга белгилүү бир кесиптик жана башка талаптарды белгилөөгө, ошондой эле кайсы бир адамдардын профессионалдык адвокаттык ишке киришүүсүнүн зарыл шарттарын аныктоого милдеттүү, анткени алардын көрсөткөн юридикалык жардамынын сапатынан адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун натыйжалуулугу көз каранды болот.<br>Ушуга байланыштуу, адвокаттык иштин лицензияланууга тийиш болгон иштин түрлөрүнө, ал эми мыйзамдарда теңдик конституциялык принцибинин логикалык уландысы катары лицензия берүүнүн бирдей негиздери жана шарттары принцибин лицензиялоонун негизги прициптерине таандыгы акталат. | Адвокаттык ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн талаптар |
| | | | «Квалификациялык сынак» деген түшүнүк талапкердин билимин квалификациялык минимумга ылайык баалоо процедурасын түшүндүрөт. Квалификациялык сынак талапкердин чыныгы теориялык жана практикалык билимдерин аныктоого жана анын адвокаттык ишти жүргүзүү үчүн профессионалдык жарамдуулугун объективдүү баалоого чакырылган. | Адвокаттык ишмердик менен аракеттенүүгө лицензия алууга талапкер болгон адамдар үчүн квалификациялык сынак |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине жана рухуна ылайык өзүнүн ченем жаратуучу ишинде социалдык адилеттүүлүк идеясын билдирүү жана аны коомдун турмушуна киргизүү катары тең укуктуулук жана кодулабоо принциптерин так карманууга тийиш.<br>Бул анык зарыл болгон учурлардан тышкары, бардык адамдар бирдей укуктук статуска ээ болушу керек, башкача айтканда бирдей көлөмдөгү жана мазмундагы укуктарга, эркиндиктерге жана милдеттерге, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруу жана коргоо боюнча бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек дегенди билдирет. | Ченем жаратууда тең укуктуулуктун жана кодулабоонун принциби |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кайсы социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталып, мыйзамда белгиленген атайын чаралар кодулоо деп эсептелбейт деп белгиленет.<br>Ошону менен ар кандай адамдардын укуктук статусундагы айырмачылыктардын орду бар, анткени аларды орнотуу артыкбаш социалдык калыстыкты камсыздоо максатында формалдуу теңдикти жеңе алат, бирок ал теңсиздикти күчөтүүгө жана жаңы акыйкатсыздыкты жаратууга акысы жок. | Кодулоону жокко чыгарган атайын чаралар |
| | | | Укуктук ченемдерде ар кандай категориядагы адамдардын юридикалык статусунда өлчөмдөш айырмачылыктарды орнотууга жол берүүчүлүк жана максатка ылайыктуулугу, жекече, алардын айрымдары үчүн жеңилдиктерди жана артыкчылыктарды бекитүү «позитивдүү кодулоо» максатында гана, формалдуу тең укуктуулук принцибин колдонуу аркылуу коомдук турмуштун кайсы бир чөйрөсүндө же адамдардын кандайдыр бир категориясына карата түзүлгөн кырдаалдын адилеттүүлүгүнө жетишүү<br>мүмкүн болбой калган учурда мүмкүн.<br>Башкача айтканда, «позитивдүү кодулоо» мамлекет тарабынан кандайдыр бир белгилер боюнча адамдардын алсыз категориясына жогорулатылган кепилдиктерди берүү аркылуу коомдо чыныгы тең укуктуулукту орнотууга багытталган позитивдүү аракеттерди жасоону билдирет. Бул акыркыларга адамдын экономикалык, социалдык, рухий жана башка муктаждыктарын канааттандырууда аларга коомдогу башка социалдык топтор менен тең мүмкүнчүлүктөрдү түзө турган кээ бир артыкчылыктарды берүү боюнча чаралар. | Кодулоону жокко чыгарган атайын чаралар;<br>позитивдүү кодулоо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Тең укуктуулук жана кодулабоо принциптерин бузуу болуп мыйзамда андан чегинүүнүн фактысынын өзү эмес, жарандардын өзүнчө категориясы үчүн негизсиз артыкчылыктарды бекитүү эсептелет. Андан тышкары, мыйзамдан чегинүүлөр жеке мүнөзгө ээ болушу мүмкүн эмес, алар бүтүндөй социалдык топтор үчүн кабыл алынып жана жайылышы керек. | Тең укуктуулуктун жана кодулабоонун принцибин бузуу |
| 3 | 2018-жылдын 4-апрели | Жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кызыкчылыгындагы Анастасия Павловна Волосатованын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 206-беренесинин 2-бөлүгүнүн «сот өзүнүн демилгеси боюнча же ишке катышуучу жактардын арызы боюнча, чечимде кетирилген туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдой алат» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө чечими. | Конституциянын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ар кимге анын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоого кепилдиктер берилет. Бул укук адам укуктарынын негизги жана ажырагыс укуктарынын бири болуп саналат, ал Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык эч чектелүүгө тийиш эмес, адамдын жана жарандын бардык калган укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиги болуп саналат.<br>Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган соттук коргонууга болгон укук Кыргыз Республикасынын сотторуна кайрылуу аркылуу жүзөгө ашырылат, ал эми биринчи инстанциянын чечими менен макул болбогон учурда ишти кайра каратуу укугу жогору турган сотко кайрылуу жолу менен жүзөгө ашырылат.. | Соттук коргонууга укук |
| | | | Сот чечимдерине даттануу укугу сот өндүрүшү жаатында инсандын укуктарынын кепилдиктерин бекиткен эл аралык-укуктук актылардын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ар кимге жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укугун берген 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунун маңызынан келип чыгат. Бул укук соттук коргонууга болгон укуктун курамаларынын бири болуп саналат жана абсолюттук мүнөзгө ээ болот, кандайдыр бир чөйрөдө же болбосо башка жагдайлар боюнча чектелиши мүмкүн эмес, антпени мыйзамсыз, негизсиз же адилетсиз сот актысы соттук коргоо каражаты болуп кызмат кыла албайт. | Ишти жогору турган сот тарабынан кайра каратуу укугу |
| | | | Ишти жогору турган сот тарабынан кайра каратуу укугу жөнүндө конституциялык ченемди өнүктүрүү үчүн мыйзам чыгаруучу жарандык иштер боюнча сот өндүрүшүнүн тартибин регламенттеген Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинде апелляция жана кассация тартибинде актыларды кайра карап чыгуу боюнча өндүрүштү караштырган. Көрсөтүлгөн кодекс апелляциялык инстанциянын соту катары областтык соттун жарандык иштер же экономи | Ишти жогору турган сот тарабынан кайра каратуу укугу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | калык иштер боюнча коллегиясын караган, ал биринчи инстанция сотунун мыйзамдуу күчүнө кире элек актысына апелляциялык даттанууну (сунуштаманы) карайт. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту биринчи, апелляциялык инстанциянын мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысына кассациялык даттанууну (сунуштаманы) карай турган кассациялык инстанция катары чыгат. | |
| | | | Кассациялык инстанция сотундагы өндүрүш иштин буга чейинки териштирүүсүнүн жүрүшүндө соттор тарабынан кетирилген жана иштин жыйынтыгына таасирин тийгизген, жана аларды жойбостон бузулган укуктарды, эркиндиктерди жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды, ошондой эле мыйзам тарабынан корголуучу коомдук кызыкчылыктарды калыбына келтирүүгө же коргоого мүмкүн болбогон материалдык укуктун же процесстик укуктун ченемдерин мерчемдүү бузууларын оңдоо үчүн арналган. | Кассациялык инстанция соттундагы өндүрүш |
| | | | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жогорку сот органы катары сот каталарынын оңдолушун камсыздоого милдеттүү, каталар табылган учурда төмөн турган соттордун даттанылып жаткан актысын жокко чыгарат же маңызын өзгөртөт. Сот катасынын табиятын жана мазмунун эске алганда сот өндүрүшүнүн процессинде кетирилген туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар сот каталарына кирбейт, себеби чечимдин маңызын (мазмунун) өзгөртүлүүсүнө алып келбейт. | Жогорку сот тарабынан соттук каталарды табуу;<br>туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар |
| | | | Ишти туура эмес кароо жана чечүү мыйзамда сот өндүрүшүнө жүктөлгөн жарандардын жана юридикалык жактардын бузулган же талашылып жаткан укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо сыяктуу жалпы милдеттердин биринин аткарылбай калышын гана билдирбестен, анын түпкү максатына жетүүгө тоскоолдук кылып, аң-сезимде сот катасы деп чагылдырылат. Соттук ката көбүнесе соттун иш жыйынтыгынын процесстик укуктун ченемдеринде бекитилген сот өндүрүшүнүн максаттуу ориентирлерине эмес, нотмолору менен дал келишпестигине алып. | Ишти маңызы боюнча туура эмес кароо жана чечүү;<br>соттук ката |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Соттор тарабынан кетирилген туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар түрүндөгү техникалык мүнөздөгү каталарды классификациялап жана укуктун ченемдерин туура эмес колдонуу менен бир катар коюу болбойт. Процесстик мыйзамдар сот актыларындагы туура эмес жазуулар жана арифметикалык каталарга аныктама бербейт. Бирок туура эмес жазуулар сөздөрдүн, кээ бир учурларда чечимдин айрым бөлүктөрүнүн маанисинин да бурмаланышына алып келет, ишке катышуучу адамдардын укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууну татаалдаштырат. Арифметикалык айкын каталар туура эмес арифметикалык аракеттердин натыйжасы болуп саналат жана алынууга тийиш болгон сумманы аныктоодо катачылыктарга алып келет. Эгер туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар даана көрүнүп турган болсо жана алардын оңдолушу шек туудурбаса, алар чечимди кабыл алган сот тарабынан оңдолушу мүмкүн. | Туура эмес жазуулар жана арифметикалык айкын каталар |
| | | | Туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдоо кандайдыр бир мөөнөт менен чектелген эмес, өзүнчө сот актысы – соттун аныктамасын чыгаруу менен жол берилет. Оңдоолор чечим мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин жана тийиштүү кемчиликтер жогору турган инстанция тарабынан жоюлбаса күчүнө киргенден кийин да, киргизилиши мүмкүн. | Туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдоонун мөөнөттөрү |
| | | | Туура эмес жазууларды, басмадан кеткен каталарды же арифметикалык каталарды оңдоо соттордун өзүн-өзү контролдоо ыйгарым укуктарына кирет. Адам факторун четке кагуу мүмкүн болбогондуктан техникалык мүнөздөгү каталардын болушу мүмкүн экендигин эске алып, көрсөтүлгөн каталарды жоюунун жана сот адилеттигинин сапатын жакшыртуунун натыйжалуу механизмдеринин бири болуп соттук өзүн-өзү контролдоо институту саналат. Соттун өзүн-өзү контролдоосу деп мыйзамда каралган учурларда соттордун жеке демилгеси, ишке катышкан адамдардын же соттун чечимин аткарган башка органдардын, уюмдардын демилгеси боюнча соттук териштирүү башталганга чейин, анын жүрүшүндө же маңызы боюнча иш чечилгенден кийин соттордун өз аракеттерин контролдоо жөндөмү түшүнүлүүгө тийиш. | Туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдоо;<br>Соттордун өзүн-өзү контролдоо ыйгарым укуктары |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Сот чечимдин маңызын өзгөртпөстөн аныктама чыгаруу жолу менен чечимде кетирилген туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдоо жөнүндө маселени кароого укуктуу. Соттук катаны туура эмес жазуу жана арифметикалык айкын ката деп аныкталуучу техникалык мүнөздөгү катадан айырмалоодо дал ушул шарт өзөктүү болуп саналат. | Туура эмес жазууларды жана арифметикалык айкын каталарды оңдоо |
| 4 | 2018-жылдын 30-майы | Тимур Султанович Султановдун кайрылуусуна байланыштуу<br>«Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын<br>46-беренесинин биринчи бөлүгүнүн 8-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет деп Кыргыз Республкасынын Конституциясы белгилейт. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт (16-беренесинин 1-бөлүгү). Бул Кыргыз Республикасынын<br>Конституциясы адамдын өзүн да, анын субъективдүү укуктарын да баалуулук деп табуусун билдирет, алардын жүзөгө ашырылуусу Баш мыйзамда мамлекеттин биринчи кезектеги милдети катары аныкталган. | Адамдын укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулук катары |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы кайсы бир адамдын жана жарандын укуктарына артыкчылык белгилебейт, дүйнөлүк мейкиндикке ургаалдашуу шарттарында эркин жүрүү жана өлкөнүн чегинен чыгып кетүүгө, ошондой эле анын аймагына тоскоолдуксуз кайтып келүүгө байланыштуу укуктар инсандын эркиндигинин туунду көрсөткүчтөрү болуп саналат. Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ар бир адам Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгууга укуктуу.<br>Өлкөнүн чегинен тышкары эркин чыгуу укугу адамдын жеке эркиндигинин мерчемдүү көрүнүштөрүнүн бири болот жана башка укуктар менен эркиндиктердин, анын ичинде эмгекке болгон укуктун, экономикалык эркиндикке, өзүнүн жөндөмдөрүн жана мүлкүн ишкерчилик жана мыйзамда тыюу салынбаган экономикалык ишмерлик үчүн эркин пайдаланууга, рухий жана башка муктаждыктарын канааттандырууга болгон укуктун толук кандуу жүзөгө ашырылуусуна өбөлгө болуп кызмат кылат. Башкача айтканда, өлкөдөн эркин чыгуу укугу адамдын толук кандуу жашоосунун негизинде жана мамлекет тарабынан инсандын ар намысын таанууда жатат. | Кыргыз Республикасынан чегинен тышкары эркин чыгуу укугу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктеринин көтөрүңкү деңгээлин караштырып, бирок анын аныкталган максаттарында зарыл болгон өзгөчө ченемде гана жана мыйзамда белгиленген тартипте гана аларды чектөө мүмкүндүгүнө да жол берет (20-беренесинин 2-бөлүгү). Мындай чектөөлөрдүн мүмкүн болуу чектери эл аралык укук ченемдеринде каралган.<br>Ошентип, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга ылайык ар бир адам ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн да чыгып кетүүгө укугу бар. Жогоруда айтылган укуктар мыйзамда көрсөтүлгөн, мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, элдин ден соолугун жана рухун, же башкалардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо зарыл болуп, аталган Пактта көрсөтүлгөн башка укуктарга төп келишкен кыскартуулардан башка эч кандай чектөөлөрдүн объектиси боло албайт (12-статьянын 2, 3-пункттары).<br>Жогоруда аталган негиздөөчү орнотмолордун маңызы адамдын укуктары менен эркиндиктерине өз билемдик менен таасир этүүгө жол бербөө жана мүмкүн болуучу чектөөлөрдүн өзгөчөлүгүндө турат. Башкача айтканда, биринчиден, чектөөлөр негиздерди жана колдонуу тартибин мыйзам менен бекитүү жолу аркылуу орнотулушу керек, экинчиден, конституциялык маанилүү максаттарга өлчөмдөш болушу керек, үчүнчүдөн, укуктук жөнгө салуунун айрым маселелерин башка укуктук каражаттар менен чечүү мүмкүн болбой калган шарттарда кабыл алынышы керек.<br>Демек, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгуу укугун чектөө укуктук режими мамлекеттик жана коомдук турмуштун тийиштүү чөйрөлөрүндөгү инсандын жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугуна жетүү зарылдыгын эске алуу менен киргизилиши мүмкүн. | Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөө;<br>Кыргыз Республикасынан чегинен тышкары эркин чыгуу укугун чектөөнүн укуктук режими |
| | | | Мыйзам чыгаруучу сот адилеттигинин милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн камсыз кылуучу чараларды караштыра алат, андай чараларды кабыл албоо сот адилеттигинин максатына жетишүүнү татаалдаштыруусу мүмкүн. Ошону менен бирге, чектөөчү мүнөзгө ээ болгон мындай чаралар конституциялык жактан көздөгөн максаттарга өлчөмдөш (аларга жараша) болуусу, орундуулуктун, укуктук аныктык талаптарына жооп берүүсү, кеңейтип талкууга жана аларды өз билемдик менен колдонууга жол бербеген формалдуу жактан анык, так түшүндүрмалардан туруш керек. | Сот адилеттигинин максаттарына жетишүү үчүн мыйзам чыгаруучу тарабынан камсыздоо (чектөө ) чаралары |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 2018-жылдын 19-сентябры | Алтынбек Бакытбекович Мусаевдин, Арстанбек Сарыевич Досалиевдин кызыкчылыгын көздөгөн Мукар Шалтакович Чолпонбаевдин, ошондой эле Каныбек Ташбалтаевич Туратовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 20-июнундагы № 360 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө жобонун 106-пунктунун «ч» пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык. Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт.<br>Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан адамдын өзүнүн жана анын субъективдүү укуктарынын баалуулугун таанууну билдирерин бир нече жолу белгилеген, аларды жүзөгө ашыруу мамлекеттин биринчи кезектеги милдети катары Баш мыйзамда аныкталган. Ошону менен конституциялык принцип декларацияланат, ага ылайык инсандын уккутарын таануу, сактоо жана коргоо укуктук мамлекеттин ажырагыс атрибуту, анын милдети болуп саналат. | Адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин ажырагыстыгы;<br>адамдын укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулук катары |
| | | | Адам укуктарын кыйшаюусуз сактоонун пайдубал негиздеринин бири болуп укуктук мамлекеттеги адам ишмердигинин бардык чөйрөлөрү негиздене турган кодулабоо менен мыйзам жана сот алдында баары бирдей деген принцип саналат.<br>Көрсөтүлгөн принцип Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген, ага ылайык эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес (16-berененин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы).<br>Кодулабоо принциби адамдын социалдык же болбосо башка сапаттарына жараша ага таандык укуктардын, эркиндиктердин же милдеттердин кысымга алынышын болтурбоо үчүн шарттарды түзүүнү болжойт деп бир нече жолу белгилеген (2013-жылдын 16-ноябрындагы чечими). Бул принцип жыныс, раса, тил, майыптуулук, этноско таандыктыгы, дин тутуу, жаш курак, саясий жана башка ынанымдар, билим, теги, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке турмушунун ар кандай чөйрөлөрүндө укуктук мүмкүнчүлүктөр теңдигин бузууга алып келүүчү башка жагдайларга негизденген айырмачылыктарды, жокко чыгарууларды же артыкчылык берүүлөрдү ченемдик укуктук актыларда белгилөө мүмкүн эмес дегенди билдирет. | Кодулабоонун принциби |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Жогоруда белгиленген принципти кармануу аныктоочу болуп саналат жана эмгек укугу жаатындагы укуктук мамилелерди кошуп, адамдын турмуш тиричилигинин бардык чөйрөлөрүндөгү укуктук мамилелерди жөнгө салууда милдеттүү мүнөзгө ээ. | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар ким эркин эмгектенүүгө, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгектик коргоого жана эмгек шарттарына укуктуу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алуу укугун кепилдейт (42-беренесинин 3-бөлүгү).<br>Жогоруда көрсөтүлгөн ар ким ал өзү эркин тандап алган же өз ыктыяры менен макул болгон эмгеги менен жанын багуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек дегенди билдирет. Дал ошондуктан эмгекти тандоо эркиндиги конституциялык кепилдиктердин өзгөчө категориясына бөлүнүп чыгарылат. Ошентип, эркин эмгектенүү укугу жарандарга алардын финансылык, социалдык, рухий жана башка муктаждыктарын канааттандырган шарттары бар эмгек ишмердигин өз ыктыяры менен тандоо мүмкүнчүлүгүн берүүнү билдирет.<br>Кыргыз Республикасынын Конституциясы мажбурлоо эмгегине тыюу салат жана ар бир адамга эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн эркин пайдалануу, кесибин жана ишмердиктин түрүн тандоо укугун берет.<br>Ошентип, эркин эмгектенүү укугу ар бир инсандын субъективдүү укугу катары мамлекеттүүлүктүн демократиялык маңызын алдын ала аныктайт, анда инсандын экономикалык эркиндиги коомдун социалдык-экономикалык жашоосун укуктук жөнгө салууда баалуу ориентир болуп калат. | Эмгек эркиндигине болгон укук |
| | | | Укук коргоо органдары – бул өзүнүн укуктук табияты боюнча сот бийлиги менен прокуратурага жакын мамлекеттик органдардын бир түрү, укук коргоо мүнөзүндөгү функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат, мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти бекемдөө максатында юридикалык таасир этүү чараларын колдонуу укугуна ээ.<br>Укук коргоо ишмердиги мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо максатын көздөгөндүктөн мамлекеттик башкаруунун өзгөчө маанилүү чөйрөлөрүнүн бири болуп саналат.. | Укук коргоо органдары;<br>укук коргоочулук ишмердик |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ички иштер органдары | «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары – бул коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча аткаруучу-тескөөчү милдеттерди жүзөгө ашыруучу мамлекеттик куралдуу укук коргоо органы.<br>Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары аткаруу бийлик органдарынын тутумунда өзөктүү орундардын бирин ээлейт. Бул мамлекеттик органга өзгөчө статустун берилиши, ага адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, өлкөдө укуктук тартипти камсыздоо жаатында аткаруу бийлигинин милдеттерин аткаруу боюнча функциялардын жүктөлүшү менен байланышкан. | | | |
| Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин укуктук статусу;<br>ички иштер органдарынын кызматкерлери үчүн талаптар | Мыйзам чыгаруучу ички иштер органдарында кызмат өтөө, биринчи кезекте, укуктук тартипти жана коомдук коопсуздукту камсыздоо боюнча конституциялык маанилүү функцияларды аткаруу менен шартталган коомдук кызыкчылыктарды жүзөгө ашырууга багытталганын эске алуу менен, ички иштер органдарынын кызматкери болгон же бул органда кызмат өтөөгө талапкер болгон жарандардын категориясы үчүн алардын жеке жана ишчил сапаттарына өзгөчө талаптарды койгону негиздүү, анткени мындан ички иштер органдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруунун натыйжалуулугу гана эмес, инсандын укуктары жана эркиндиктери сыяктуу коомдук мамилелердин кыйла сезимтал чөйрөсүнө киришүүдө мыйзамдуулуктун сакталышын да белгилейт. | | | |
| Кодулабоонун принциби | Укук субъектилеринин укуктары менен милдеттериндеги айырмачылыктарга алып келүүчү укуктук жөнгө салуудагы ар бир дифференциация мыйзам чыгаруучу тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын, анын ичинде айырмачылыктар объективдүү акталуу, негиздүү жана конституциялык маанилүү максаттарды көздөгөн болсо, ал эми бул максаттарга жетүү үчүн колдонулган укуктук каражаттар аларга өлчөмдөш болсо аларга жол берилет деген теңдик принцибинен келип чыгуучу талаптарды сактоо менен ишке ашырылышы керек. | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Жеке жоопкерчилик принцибинин мазмуну «кылмыш субъекти» жана «жоопкерчилик субъекти» түшүнүктөр ортосунда теңдикти орнотууга алып келүүдө. Укуктук, демократиялык мамлекетти куруу коллективдүү жоопкерчиликтин ар кандай формасын жокко чыгаруучу жоопкерчилик тартуунун «субъективизация» процессине ырааттуу келүүнү талап кылат. | Жеке жоопкерчилик принциби |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен адам укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулуктар деп жарыяланган, ушуга байланыштуу аларды чектөө Конституциянын өзү менен белгиленген форма жана процедура боюнча гана мүмкүн, тактап айтканда мамлекеттик бийликтин жогорку мыйзам чыгаруучу органы - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынуучу мыйзам менен болуу керек деп белгилейт (20-берененин 2-бөлүгү). | Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөө |
| 6 | 2018-жылдын 3-октябры | Нурбек Акбарович Токтакуновдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын<br>12-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген принцип ар бир инсандын бирдей баалуугун жарыялоо, индивиддерге коомдук жана мамлекеттик турмушка катышуу үчүн бирдей укуктук мүмкүнчүлүктөрдү берүү, алардын бирдей көлөмдөгү жана мазмундагы укуктар менен милдеттерге, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруу жана коргоо боюнча бирдей укуктук мүмкүнчүлүктөргө ээ болушун билдирет. Мында тең укуктуулук, жогоруда аталгандардан тышкары, бардыгынын юридикалык жоопкерчилик алдында да тең болуусун билдирет. | Мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуу принциби |
| | | | Бирдей шарттарда турган укук субъектилери бирдей абалда болуусу керек, эгер шарттар бирдей болбосо, мыйзам чыгаруучу алар үчүн ар кандай укуктук статус орнотууга укуктуу. Формалдуу жактан бирдей субъекттерге бирдей мамилени болжогон конституциялык принцип ар кайсы категорияда турган адамдарга бирдей кепилдиктерди берүү зарылдыгы менен шартталбайт, ал эми мыйзам алдында бирдейлик нагыз айырмачылыктарды жана ал айырмачылыктарды мыйзам чыгаруучу тарабынан эсепке алынуу зарылдыгын жокко чыгарбайт деп көрсөткөн. | Мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуу принциби |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мазмуну менен маңызынан келип чыксак, конституциялык-укуктук статуска ээ жана мамлекеттик-маанилүү функцияларды аткарган айрым кызмат адамдарга укуктук иммунитетти берүү зарылдыгына байланыштуу бирдейлик принцибинен чегинүү мүмкүн. | Мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуу принциби |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик бийликтин бөлүштүрүлүү принциби | Конституция Кыргыз Республикасын демократиялык мамлекет деп жар салып, мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине бөлүштүрүү принцибине негизденген мамлекеттик органдар тутумун түзүүнү талап кылат (1, 3-беренелери).<br>Бул принципке ылайык бийликтин ар бир бутагы мамлекеттик бийликтин жалпы тутумунда өз ордун ээлейт да, ага тийиштүү гана милдеттер менен функцияларды аткарат. Мындай бөлүштүрүүнүн маңызы бийликтин ар бир бутагына салыштырмалуу өз алдынчалуулук жана көз карандысыздыкты, ошондой эле бир бутактын экинчисине карата үстөмдүк кылуусун жокко чыгаруучу зарыл болгон тең салмактуулукту камсыз кылууга жол берген ыйгарым укуктар көлөмүн берүүдө турат. | | | |
| Укуктук кол тийбестик (иммунитет) | Укуктук иммунитет мыйзамдуу укуктук каражат, анын жардамы менен мамлекет коомдук-маанилүү функцияларды мамлекеттин атынан аткарган кызмат адамдардын белгилүү чөйрөсүнө күчөтүлгөн укуктук коргоону камсыз кылат да, аларды юридикалык жоопкерчиликке тартуунун атайын, татаалдашкан жана жалпы эрежелерден айырмаланып турган укуктук процедураларын орноткон юридикалык режимди чагылдырат.<br>Укуктук иммунитеттин маңызы ага ээ болгондорго алардын көз карандысыздыгына, чечимдерди кабыл алуунун белгиленген режимине таасир кыла ала турган негизсиз кол салуулардан кол-тийгистик кепилдиктерин берүүдө камтылат.<br>Ошентип, укуктук иммунитетти адамдардын чектелген тобунун укуктук корголушун күчөтүү үчүн атайын ченемдерде бекитилген юридикалык жоопкерчилик жаатындагы мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген принциптен мыйзамдуу четке чыгуу катары кароо зарыл, бул аларга мамлекеттик жана коомдук маанилүү функцияларды натыйжалуу жана керектүү деңгээлде аткарууга жол берет.<br>Бирок укуктук иммунитет анын ээси тарабынан жасалган укук бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликтен абсолюттуу кол-тийгистикке ээ болууну таптакыр болжобойт. | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Шайлоо аркылуу бийликтин легитимдүү алмашуу касиетине ээ болгон демократиялык мамлекеттин шартында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 2-бөлүгүнөн келип чыккан, бир эле адамды Президент кылып эки жолу шайлоого тыюу салуу түрүндөгү чектөөнү эске алуу менен экс-президенттин укуктук иммунитети Президенттин милдетин аткаруу мезгилде ага жүктөлгөн функцияларды натыйжалуу жана тышкы факторлордон көз карандысыз аткарууну камсыз кыла алган тийиштүү жүрүм-турумга оң мотивациялоого түрткү берүүчү өтө маанилүү укуктук өбөлгөлөөчү каражат болуп саналат жана ретроспективалык мааниге ээ.<br>Ошол эле мезгилде, пайда болуунун институционалдык табиятына ээ болгон эск-президенттин укуктук иммунитети, Президенттин ыйгарым укуктарын токтоткондон кийин жасаган жосундары үчүн кол-тийгистиктин жайылтылышына жол бербейт. Мындан Президент өзүнүн ыйгарым укуктарын токтоткондон кийин, аны менен укук бузуулар жасалган учурда, ал Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жалпы тартипте эле башка жарандар менен бирдей жоопкерчилик тартыш керек экендиги келип чыгат. | Экс-президенттин укуктук иммунитет (экс-президенттин кол тийбестиги) |
| | | | Экс-президенттин кол-тийгистиги иштеп жаткан мамлекет башчысына укуктук кепилдиктерди берүү боюнча конституциялык жоболордун логикалык уландысы жана ажырагыс элементи болуп саналат. Ошондуктан, Президенттин ыйгарым укуктарын токтоткон адамга «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренеси менен бекитилген укуктук иммунитетти берүү президент институтунун натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылууда укуктук инструмент катары иштейт жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт. | Экс-президенттин укуктук иммунитет (экс-президенттин кол тийбестиги) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Ар-намыс менен абройго болгон укук адамдын жогорку баалуулугу катары кабыл алынат, ал ар кимге төрөлгөндөн таандык жана аны инсан катары индивидуализациялайт. Мындай мамиле адамдын ар-намыс менен абройго болгон укугунун универсалдуу табиятын көрсөтүүдө. Бул укук адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттардын бири болуп эсептелет, ал Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 12-беренесинде, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 17-беренесинде жана бир катар башка эл аралык-укуктук актыларда бекитилген.<br>Ар-намыс менен абройду урматтоо укугун адамдын материалдык эмес, ажырагыс укугу катары жарыялоо менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге бул укуктарды коргоо мүмкүндүгүн кепилдейт (29-берененин 4-бөлүгү, 40-берененин 1, 2-бөлүктөрү). | Ар-намысты жана абройду коргоого укук |
| 7 | 2018-жылдын 17-октябры | Бермет Анарбековна Джолдошалиева, Ахмат Киргизбаевич Алагушев, Надежда Ивановна Алишева, Бегаим Джолдошбековна Усенова, Алтынай Бакытбековна Исаеванын кайрылуусуна байланыштуу<br>«Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын<br>4-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечим | Бардыгы мыйзам жана сот алдында бирдей деген конституциялык принцип жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалынын негизинде, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке турмушунун ар кыл чөйрөсүндөгү укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигинин бузулушуна алып келген башка жагдайларына негизделген кандайдыр бир айырмачылыкты, жокко чыгарууну же артыкчылык берүүнү мыйзамда орнотууга жол бербестигин болжойт.<br>Адамдын жана жарандын укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги принцибин сактоо киргизилүүчү чектөөлөр объективдүү жана акылга сыяр акталбаган бир эле категорияга таандык адамдардын укуктарына мындай айырмачылыктарды киргизүүгө тыюу салууну билдириши керек, ал эми укук субъекттери бирдей шарттарда турган учурда бирдей абалда болуусу керек деп белгиленген.<br>Формалдуу бирдей субъекттерге бирдей мамилени болжогон конституциялык принцип ар кандай категорияларга таандык адамдарга өңчөй кепилдиктерди берүү зарылдыгын шарттабайт, ал эми мыйзам алдындагы бирдейлик нагыз айырмачылыктарды жана аларды мыйзам чыгаруучу тарабынан эсепке алууну жокко чыгарбайт.<br>Ага ылайык мыйзам чыгаруучу аткарган функцияларына, корголуучу кызыкчылыктарга жана башка жагдайларга жараша тиешелүү субъекттер үчүн жалпы тартиптен белгилүү алып салууларды жана жеңилдиктерди орнотууга укуктуу, алар укук ченемдүү жана жалпыга маанилүү конституциялык максаттарга өлчөмдөш болуусу керек. | Мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей болуу принциби |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мааниси жана мазмуну боюнча конституциялык-укуктук статуска ээ болгон жана мамлекеттик маанилүү функцияларды аткарган айрым кызмат адамдарга ар кандай укуктук статусту орнотуу зарылдыгына байланыштуу теңдик принцибинен чегинсе болот. | Мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуу принциби;<br>мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуу принцибинен алып салуулар |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасынын Президентинин статусун элдин биримдигин жана мамлекеттик бийликти чагылдырган мамлекет башчысы катары аныктаган (60-бере-не).<br>Кыргыз Республикасынын Президенти саясий жактан легитимдүү болуп, эл тарабынан шайланып, коомдук бийликтин толук кандуу иштөөсүн камсыз кылуу максатында бүтүндөй элдин кызыкчылыктарынын жүзөгө ашырылуусун көздөйт жана камсыз кылат.<br>Бул сапатта бийликтин бардык бутактарын координациялоо жана бириктирүү функцияларын аткарып жатып, өлкөнүн Президенти мамлекеттик бийликти эл менен бириктирүү функциясын камсыз кылат.<br>Бул мамлекет башчысы мамлекеттик башкаруу тутумунда өзүнчө институт болуп туруп, кайсы бир бийлик бутагынын курамына кирбестен мамлекеттик бийлик тутумунда – өзгөчө орунга жана ролго ээ дегенди билдирет.<br>Мамлекет башчысынын мындай конституциялык-укуктук статусу мамлекеттик бийлик тутумунун биримдигин жана туруктуулугун камсыз кылуу боюнча анын ыйгарым укуктарынын көлөмүн алдын ала аныктайт. | Мамлекет башчысынын (КР Президентинин) конституциялык-укуктук статусу |
| | | | Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык-укуктук статусун эске алганда, мамлекет башчысынын арнамысын жана аброюн коргоонун өзгөчө процесстик тартиби мыйзамдар тарабынан караштырылышы мүмкүн. Мындай тартип мыйзам тарабынан камсыз кылынган, коомдук-укуктук мүнөзгө ээ болгон жана Президент тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан мамлекеттик функциялар менен анын Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген статусуна жараша ага жогорулатылган коргоону камсыз кылууга багытталган укуктук кол тийгистиктин элементтеринин бири катары колдонулат. | Мамлекет башчысынын (КР Президентинин) ар-намысын жана аброюн коргоо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Өлкөнүн Президентинин ар-намысы менен аброюн өзгөчө процесстик коргоону киргизүү зарылдыгы, диффамация коомчулуктун алдында мамлекеттик (коомдук) бийликтин кадыр-баркына зыян келтиргенине жана тике адамдын өзүнө багытталбастан, мамлекет башчысынын функциясын аткарган атайын конституциялык-укуктук статуска ээ болгон кызмат адамына багытталганына байланыштуу болот. Ушуга байланыштуу, Президенттин ар-намысы менен аброюн коргоо<br>Президенттин өзүнүн инсандыгына кол салуудан гана эмес, мамлекеттик бийликтин маанилүү институттарынын бирин коргоону болжойт жана мамлекеттин өнүгүүсү үчүн зарыл болгон пайдубал түзүүчү катары мамлекеттүүлүктү бекемдөө максатын көздөйт.<br>Демек, Президенттин ар-намысы менен аброюн коргоонун процесстик тартибин президенттик институттун натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылуу үчүн мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген принциптен укук ченемдүү алып салуу катары кароо зарыл, бул Президентке мамлекеттик жана коомдук маанилүү функцияларды натыйжалуу жана тиешелүү деңгээлде аткарууга жол берет. | Мамлекет башчысынын (КР Президентинин) ар-намысын жана аброюн коргоо |
| | | | Ар-намыс менен абройго болгон укукту өзгөчө субъективдик укук катары кароо керек, анткени анын маңызы ар бир жарандын ар-намысы менен аброюнун кол тийгистигине болгон укугунда жана бардык башка жеке жана юридикалык жактардан бул укукту бузуудан карманууну талап кылуу мүмкүнчүлүгүндө камтылат. Ар-намыс менен аброй мүмкүн болуучу укук бузуунун натыйжасында келечекте пайда боло турган нерсенин өбөлгөсү эмес, ал адамдын күнүмдүк кайсы бир бузууларсыз орундуу абалында бар болгон жеке байгерлиги, башкача айтканда, ар-намыс, аброй жана ишкердик кадыр-баркка укуктун болушу анын бузулушу мүмкүнбү дегенге көз каранды эмес. Бузуу учурунда укуктун өзү пайда болбойт, ал укукту коргоо зарылдыгы гана келип чыгат.<br>Мында ар-намыс, аброй жана ишкердик кадыр-баркка болгон укук абсолюттук субъективдүү укук болуп саналат, себеби, ыйгарым укуктуу адамдын субъективдүү укугуна адамдардын белгисиз тобунун милдеттери дал келет. Бул жалпы милдеттин маңызы, мурда белгилengendей, индивиддин же юридикалык жактын ар-намысына, аброюна жана ишкердик кадырбаркына кол салуудан кармануда камты- | Ар-намысты жана абройду коргоого болгон укук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | лат. Ошентип, мамлекет жарандардын да, юридикалык жактардын да ар-намысын, аброюн жана ишкердик кадыр-баркын бул социалдык байгерликтерге кол салуудан карманнуу жалпы милдетин орнотуу жана алар бузулган учурларда соттук коргоону берүү менен коргойт. | |
| | | | Ошентип, субъективдүү укук – ар-намыс менен абройду коргоо, укуктук мамиленин элементи катары укуктуу адам көз кырын салууга укуктуу болгон милдеттүү адамдын жүрүм-турумунун чектерин аныктагандай эле, укуктуунун жүрүм-турумунун, уруксат берилгендин чегин аныктайт. Ошентип, укуктуу адам көз кырын сала алган милдеттүү адамдын жүрүм-туруму, эгер милдеттүү адамда өзүнүн бузулган укугун калыбына келтирүү ниети болгон учурда гана пайда болот. | Ар-намысты жана абройду коргоого болгон укук |
| | | | Саясий жана коомдук инсандардын доктринасына ылайык жеке адамдарга салыштырмалуу саясатчылардын аракеттерин жана сөздөрүн сындоонун чеги кеңири чечмеленет. Коомдук адамдар алардын инсан катары ар-намысы менен аброюнун чегин бузбаган деңгээлде сынга көтөрүмдүү болушу керек экенин белгилей кетүү керек. | Саясий жана коомдук инсандардын доктринасы; өзүнүн пикирин билдирүү эркиндиги, сөз жана басма сөз эркиндиги |
| | | | Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка ылайык сөз эркиндигине болгон укукту пайдалануу өзгөчө милдеттерди жана өзгөчө жоопкерчиликти салат, ал эми бул укукту пайдаланууга чектөө «башка адамдардын укуктары менен кадыр-баркын урматтоого» арналат (19-берене). Демек, адамдын ар-намысы жана аброю сөз эркиндигине болгон укукту массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү тарабынанбы, башка субъекттер тарабынанбы кыянаттык менен пайдалануу учурлары үчүн мындай укукту кайсы бир деңгээлдеги чектөө болуп саналат. | Сөз эркиндигине болгон укук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | 2018-жылдын 1-ноябры | Азамат Альбертович Мамбековдун кызыкчылыгын көздөгөн Марат Бакаевич Султаналиевдин кайрылуусуна байланыштуу<br>«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын<br>15-беренесинин,<br>17-беренесинин<br>4-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө чечим | Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ар кимге ушул Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет (40-берененин 1-бөлүгү).<br>Эл аралык-укуктук актылардын жоболору, кадыресе, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8, 29-беренелери, ошондой эле Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 2 (2-пункт жана 3-пунктунун «а» пунктчасы), 14-беренелери (1-пункт) менен үндөшкөн жана каралып жаткан конституциялык ченемден мамлекет адилеттүү, компетенттүү, толук кандуу жана натыйжалуу соттук коргоого болгон укукту жүзөгө ашырууну камсыз кылууга милдеттүү экендиги келип чыгууда.<br>Соттук коргоого болгон укук укуктук мамлекеттин базиси болуп саналат жана адам менен жарандын Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген башка укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга, зарыл болгон учурда калыбына келтирүүгө жол ачат. Бул укукту жүзөгө ашыруу, сот бийлигинин, ага гана тиешелүү болгон ыйгарым укугу - сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун мамлекеттик институттардын функцияларынын арасындагы өзгөчө ордун шарттайт. Сот адилеттиги сот адилеттигине жетишүү, атаандаштык, калыстык, бейтараптуулук, соттун көз карандысыздыгы сыяктуу сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун принциптерин мүмкүн болушунча ырааттуу жана толук кандуу ишке ашырууга жол берген процесстик формалардын биринин алкагында сот өндүрүшү аркылуу сот тарабынан гана жүзөгө ашырылат. | Соттук коргоого укук |
| | | | Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу функциясы Конституцияда таанылган бардык укуктар, эркиндиктер жана мыйзамдуу кызыкчылыктардын кепилдиги жана ошол эле убакта коргоо механизми болгон үчүн гана эмес, мамлекеттик бийликтин табиятына укуктук жана демократиялык мүнөздү берүүсү үчүн да мамлекеттин институттарынын функцияларынын арасында борбордук орунду ээлейт. | Сот адилеттигинин институту |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимдин соттук коргоого болгон укугун бекитүү менен бирге ар кимге квалификациялуу юридикалык жардам алууга кепилдик да берет (40-берененин 1 жана 3-бөлүктөрү).<br>Бул конституциялык укук адамдын жана жарандын негизги укуктары менен эркиндиктерине таандык жана инсандын укуктук статусу менен шартталган. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу, адам кайсыл процесстик статуста сот өндүрүшүндө катышууга тартылганына карабастан, анын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо же калыбына келтирүү үчүн сот процессинин алкагында квалификациялуу юридикалык жардам ала турган шарттарды түзүүнү болжойт.<br>Мыйзам чыгаруучу бул конституциялык укуктун жүзөгө ашырылуусу катары шектүүнүн, айыпталуучунун, соттолуучунун коргоого болгон укугун жазык-процесстик мыйзамдарда бекиткен. Териштирүү органы, тергөөчү, прокурор, шектүүгө, айыпталуучуга, соттолуучуга мыйзамда белгиленген каражаттар жана ыкмалар менен коргонуу мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле алардын жеке жана мүлктүк укуктарын коргоону камсыз кылууга милдеттүү. Жазык-процесстик мыйзамдарга ылайык жазык процессте жактоочу катары адвокат гана чыга алат. | Квалифициялуу юридикалык жардам алууга укук |
| | | | Адвокат өзүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн өзгөчөлүгүнөн улам мыйзам менен ага конституциялык маанилүү функциясы жүктөлгөн өзгөчө субъект болуп саналат. Юридикалык жардамдын өзү дагы, анын сапаты дагы адвокаттын укугу эмес, анын милдети болуп калат.<br>Ошентип, адвокаттын жазык-процесстик мыйзамдардын көптөгөн ченемдеринде бекитилген укуктук абалы анын сот адилеттигин жүзөгө ашырууда коомдук мааниси бар экендигин ырастоодо. | Адвокаттын укуктук абалы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Квалификациялуу юридикалык жардам берүү мындай жардамга муктаж болгон адамда адвокатты тандоо эркиндиги болгон шарттарда гана толук кандуу болушу мүмкүн, анткени алардын ортосунда ишенимдүү мамилелердин болуусу укуктук коргоонун натыйжалуулугунда чечүүчү болуп эсептелет. Адвокатты өз каалоосу менен тандоо укугу адилеттүү сот процессинин пайдубал негиздеринин бири болуп саналат, анткени толук кандуу коргоонун негизги шарты болгон - адвокат менен корголуучунун ортосундагы ишенимди камсыз кылат. Бул жазык-процесстик мыйзамдар менен Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын жоболорунан келип чыгат (14-берене). | Адвокатты тандоодогу эркиндик |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандын жана адамдын укуктары менен эркиндиктеринин жогорулатылган деңгээлдеги кепилдиктерин караштыруу менен, Конституцияда аныкталган максаттарда зарыл болгон бөлүгүндө жана мыйзамдарда белгиленген тартипте гана алардын чектелүүсүнө жол берет (20-берененин 2-бөлүгү).<br>Жогоруда аталган конституциялык орнотмонун маңызы адамдын укуктары менен эркиндиктерине өз билемдик менен таасир этүүнүн мүмкүн эместигинде жана мүмкүн болуучу чектөөлөрдүн айрыкчалыгында турат. Башкача айтканда, биринчиден, чектөөлөр, алардын колдонуунун негиздерин жана тартибин мыйзам менен бекитүү жолу менен орнотулуусу керек, экинчиден, конституциялык маанилүү максаттарга өлчөмдөш болуусу керек, үчүнчүдөн, укуктук жөнгө салуунун айрым көйгөйлөрүн башка укуктук каражаттар менен чечүү мүмкүн болбой калган шарттарда кабыл алынат. | Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөө |
| | | | Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу өзүнүн конституциялык мазмуну боюнча абсолюттук болуп эсептелген соттук коргоого болгон укуктан түздөн-түз келип чыгат жана чектелиши мүмкүн эмес, бул жазык процесстин бардык стадияларында жактоочунун тоскоолдуксуз катышуу мүмкүнчүлүгүн болжойт. | Квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук |

Программа Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Rule of Law